Баштылышы “Кыдыр”
http://www.scribd.com/doc/77978972

## Тиркеме II

## Кыдыр менен Машаякты салыштырган ТИЗМЕ.

Ошол түнү мусулман жигит Жэкке берген тизменин которулган көчүрмөсү

Кыдыр жөнүндөгү Орто Азиянын түшүнүгү (Кыдыр жөнүндө мен биринчи ошол адамдардан уккам)

> "Жетинин бири" Кыдыр (Чоң ата, имам)

> Биз сапарга чыкканда бизге жолдош болот. Биздин сапардагы жолдошубуз (Кыргыз макалы)

> Адамдар Кыдырга жолукканда Аны биринчи таанышпайт. Ал байкуш жолоочу болуп жолугушу мүмкүн (Чоң ата; менин профессорум)

> Ал башка түргө кубула алат (биздин молдо; Аксакалдар)

> Ал көбүнчө асмандагы жылдыздардай жаркырап аппапак болуп көрүнөт, (Аксакалдар)

> Анын колунда жумшак жери бар (Аксакалдар)

> Тандыр нандан көрүнгөн сыяктуу анын колу аркылуу күндү караса күн көрүнөт (Чоң эне, айылдагы аялдар)

> Ал жерлерди кыдырып адамдарга бата берет. (Биздин молдо)

> Ал кыйынчылык кыйнап турган убакта келет. (Зарылбек, нарындык мергенчи)

> Аны жакшы кабыл алган адамдар бата алышат; ким Аны жакшы кабыл албаса бактысын жоготот. (Чоң ата, Чоң эне, айыл аксакалдары)

> Ар ар бир адамдын өмүрүндө бир эле кездешет. Кээ бирлери Кыдыр өмүрүндө үч жолу келет деп айтышат. (Имам, Жалал Абаддык өзбек таксист).

> Ал муундан муунга жашай берет. (Тарыхчы мугалим)

> Ал мүрөктүн суусун ичип түбөлүк жашап калган (философ профессор)

> Ал көбүнчө айылга эшек минип келет (Чоң ата).

> Ал көбүнчө Курман айт майрамында келет, Курман айт бул Ыбрайымдын курмандык чалгандыгын эстеген майрам. (Молдо)

> Ал сага булактан же мазардан же ыйык жерлерден жолугуусу мүмкүн. (Чоң ата)

> Ал түшүмдүн пири (Арсланбаптагы кыргыз окумуштуулар, Манас эпосу)

> Ал өз ишин бүтүргөн соң кезден кайым болот. (Чоң ата, Манас эпосу, Тажик куруучулары)

> Ал өзүнүн кырк чилтени менен сапарда чоогу жүрөт "периштелер" (Биздин молдо, Манас эпосу)

> Ал Акыркы күнү Манаска периштелери менен жардам берем деп убада кылат. (Аксакалдар, Манас эпосу)

> Ал Манастын теңтуштарынын аттарын өзгөрткөн (Манас эпосу)

> Ал Манас төрөлгөнгө чейин эле ага Манас деп ат койгон. (Манасчы, Манас эпосу)

> Ал суунун үстүнөн чөкпөстөн басат. Жалгыз гана Ал Нарын дарыясынын үстүнөн басып өткөн (Алтынбек, Бекназар таяке)

> Кыдырдын үйү жок, түнөй турган жери да жок (Тянь Шандык Алтынбек)

> Ал Кудайдын оң колу (Койчу жана Ат-башылык аначы аял)

> Ал адам кебетесиндеги Кудай же Кудай Уулуна окшош. (Суусамыр тоолуу жайлоосундагы аксакал.)

> "Кыдыр" дегендин мааниси араб элинде "жашыл пайгамбар", себеби ал кай жакта баспасын, ал баскан жерге жапжашыл шибер өсөт. (Энциклопедия, пакистандык профессор).

> Ал бардык пайгамбарлардын момуну; Пайгамбарлардын арасында андан улуу Пайгамбар жок. (Биздин молдо, Ислам конференциясындагы **Күөөйттик** молдо).

> Андан бата алганга чейин Аны коё бербөө керек. (чаткалдык жаш изилдөөчү )

> Ал адам кебетесин кийген periште же рух (Тажик куруучулары)

> Ал мээримдүү (нарындык жетим, "Араб миң бир түн” китеби)

> Менин айлымда "Адилетүү ишенгендер Кыдырды курмандык тою болгон Курман айт убагында күтүшөт". Алма Атадагы казак, казактар Кыдырды 21 — Март, Нооруз (Жаңы Жыл) убагында күтүшөт деп айтты. Кээ бир молдолор Кыдыр Кадыр түндө (ыйык түн) Мухаммедке периште пайда болгон түндү майрамдап жатканда келет деп айтышат.

## Тоораттагы окуялар

Тоорат жана Забур китептеринде да Кыдыр жөнүндө пайгамбарчылыктар жана окуялар жазылган. (Кыдыр же Кызыр) жүздөгөн жылдар мурун биздикине окшогон денеде келген.

• Башталыш 3:8 "күн салкын болуп турганда бактын ичинде басып жүргөн Кудайдын үнүн угуп" Кудай басабы? Бул романтикалык тил. Биздин Кудайыбыз адамзатты сүйгөн романтикпи? Чын эле Кудай адам менен — биз менен бакчада чоогу басабы? Биздин Жаратуучубуз бизге канчалык жакын? Анын китеби канчалык деңгээлде чындык? Алла бул китепти бизге жиберген деп айтат. Куран эгерде мен чыныгы ишенүүчү болсом буга ишенишим керек—” деп айтат.

Мени жаратуучум. Мага сенин жарыгың керек. Сен, "Жарык болсун», деп айткансың жана жарык болгон. Менин акылымдын караңгылыгына да жарык келсин деп айт.

• Баштылыш 5:22,24 "Энох Кудай менен жүрдү анан жок болуп кетти."

Дагы, бул романтика тили; Кудай, сүйүшкөндөр же достор кандай парктарда чогуу жүрсө ошондой эле өзүнө жаккандар менен чогуу жүрөт.

Биз кыргыздар Кыдыр жолоочунун жолдошу деп айтабыз; Биз сапарга чыкканда ал биз менен. Энох кандай Кудай менен жүрсө биз да аны менен так ошондой жүрөбүз. Кудай "басып" деген түшүнүккө бир чет элдик молдо шылдыңдап күлгөн эле. Бирок Кудай эмне кааласа ошону жасай алат.

• Башталыш 6:9 "Нух Кудай менен жүрдү."

Кудай, мен сени менен чогуу баскым келет. Мага адам канткенде Жараткан менен

чогуу баса алаарын көрсөт.

• Башталыш 11:5 & Башталыш 18:21 "Кудай көрүү үчүн түшүп келди"

Кудай асмандан кантип түшүп келет?

Ал түшүп келгенде кандай көрүнүштө түшүп келет? Мүмкүн ал адамдын денесинде келип бизге, адамдарга көрүнөт,

Кыдыр

• Башталыш 12:1—3 "сен аркылуу жер үстүндөгү адамдардын баардыгы бата алышат".

Тарыхтагы Кудайдын бирден бир максаты элдерге бата берүү жана аларды бактылуу кылуу.

Ал Кыдырды өз тапшырмасын аткаруу үчүн жиберет — элдерге бата берип аларды бактылуу кылыш үчүн. Ким Кыдырды кабыл алса ал батага ээ болот; ким четке какса батадан айрылат. Ыбрайым Кыдырдын ишине катышууга чакырылган. Ким Ыбрайымдын тукумун каргыштаса ал каргышка калат; ким ага батасын берсе ал батага ээ болот.

• Башталыш 14:18 —20 Мелхиседек

Ал муундан муунга жашаган Кыдыр, өзгөчө пайгамбар болгон сыяктуу эле сырдуу падыша болгон жана ал кайдан келген? Ал Улуу Кудай Теңир дин (Көкө Теңирдин) таптакыр башкача падышасы, ыйык кызматчысы болгон. (Забур 110:4, Эвр 7).

• Башталыш 17:1 — 5, 15 Кудай келип Ыбраам деген атты Ыбрайым

деп өзгөрттү.

«Айкөл Манас» китебинин 35 — бетинде Кыдыр (Кызыр же Кыдыр) Манаска жөлөк жана жардам боло турган "Чөгө" деген адамдын ысымын "Кутубий" деп өзгөртөт

Башталыш 32:28 Кыдыр Жакыптын атын Ысрайыл деп өзгөртөт

Матай 16:17,18 & Жакан 1:42. Иса пайгамбар Шымондун атын Петир деп өзгөртөт.

• Башталыш 17:19 Кыдыр Ыбрайымга Исакты убада кылат.

Кыдыр Манаска ат койгондой эле, Исаак төрөлө электе эле ага ат коет.

Уламыштын кээ бир версияларда Суфи же Манаска ат койгон белгисиз ыйык жолоочу деп айтылат.

• Башталыш 18:1—21 Теңир Ыбрайымга жолоочу болуп жолугат, Анын жанында жүргөн эки периште болгон. Манас эпосунда Кыдырдын 40 периштеси болгон. Кыдыр Манас эпосунда Манаска ат койгон сыяктуу эле Теңир уулдун төрөлүшүн алдын ала айтып ага ат коет.

Биздин "Кудай Конок" деген салтыбыз ушундан калган Башталыш 18 (Эврейлер 13:2). Бул Ыйык Жазуу чет элдиктердики эмес; Бул китепте биздин байыркы Кыргыздыздардын салттары жазылган жана маданиятагы көз караштарга абдан жакын. Куран 3:49 Адамдар эмне кылгандыгын жана үйлөрүндө эмне ичип эмне жегендигин билген. Башталыш 18 жолоочу пайгамбар Кыдыр, Сара чатырдын ичинен күлүп жибергенин билген.

Бул бөлүмдө Кыргыздар жаштары үйрөнгөн маанилүү сабактар бар. Биз баардык адамдарды жакшы тосуп, баардык биз жолуккан адамдарга кайрымдуу болуубуз керек экендигин үйрөнөбүз. Себеби ал адамдардын бири Кыдыр болуп калуусу мүмкүн. Дагы биз Ыбрайым сыяктуу Кудайга ишенишибиз керек. Биз Кудайдын жакшылыгын эстеп, Аны менен тыгыз мамиле түзүшүбүз керек. Айкалыш жана мамиле биз үчүн эң маанилүү нерселер. Бул касиеттерди көбүнчө биз той убагында көрсөтөбүз. (5 — 8 аяттар).

Куран 37: 99— 113. Кудай 101 жана 112, аяттарда Кыдыр болуп Ыбрайымга келип, Исаак жөнүндөгү сүйүнчү кабарды айткан. Ыбрайым Кыдырды жакшы тосуп, Анын батасын алган.

■ Ыбрайымга Кудай курмандыкка чал деген, анын убадаланган уулу болгон.

Кээ бир арабтар курмандыка чалына турган Ысмайыл деп айтышат. Бирок Куран Тooраттагы Башталыш китеби 17 — 22 аяттар туура экендигин тастыктайт. Биз чынчыл болушубуз керек.

■ Жапондордун Шинто дининдеги "Мисакучи — Кудайы" үчүн өткөрүлгөн"Онтохсай" майрамы (Улуу "Исаку"—улуу Исаак) Исаак жөнүндөгү темабызга салым кошо алат. Арабдардын талаш сөздөрүн да биз четке какпайбыз, бирок алар жер үстүндө жашаган байыркы адамдарды угуп алардан үйрөнсө болот. Биздин дагы ыйык түшүнүктөрүбүз бар.

Ыбрайым жөнүндөгү окуялар да башка булактар менен байланышы бар:

■ Куран 4:125 да Ыбрайым Кудайдын досу деп айтылат. "Диндеги эң сонун адам бул Ыбрайым".

■ Куран 16:120— 123 Шарият же башка мыйзамдар жок болсо да Ыбрайым Кудайга баш ийген. Ыбырайым Иудаизм, христианчылык жана Исламдан мурун жашаган. Дин, ибадаткана, молдо жана мыйзам жок болсо да Кудайга жакын болуп жашаган. Кудайдан башка аны жетектеген эч ким болгон эмес.

■ Биз да дин окутуучуларындай болуп чет элдиктердин окутуусун, салтын, жана мыйзамдарын тутпастан, Ыбрайымдай болуп "Кудайдын досу" болушубуз керек. Ошондуктан биздин ата - бабалар бизди "молдонун айтканын кыл, кылганын кылба" деп үйрөтүшкөн. Биз да Ыбрайымдай эркин боло алабыз.

■ Уюштурулган дин дагы Исанын душманы болгон. Бүгүнкү күндө христиандар жана мусулмандар да Кыдыр Исага каршы чыккандар. Алар өзүлөрү элестеткен Исаны гана тааныгылары келишет.

Ыбрайым Кыдырга Мамрей эмес дарагынын алдында жолуктурган. Мамрей бир нече жылдар мурун Ыбрайым орноткон ыйык жай болчу. Биз да Кыдырды ыйык жайда (мазарда) жолуктурабыз деп ишенебиз.

Башталыш китеби 18 — бөлүм боюнча өзүнчө эле бир китеп жазып чыкса болот. Башталыш 19 Содомго периштелер жолоочу болуп келишет жана Лотту жазадан куткарып калышат.

Кимде ким периштелерди тоссо алар куткарылат; ким аларга жаман мамиле кылса каргышка калат.

Кыдыр периштелери менен Кыямат кайымда Манаска жардам берүүгө убада кылгандай эле, бул периштелер Лотко Содомдогу жазадан куткарылганга жардам беришкен. Жана Исанын периштелери бизди акыркы күнү чогултат. Куран акыркы күнү бизге Кудайдан башка эч ким жардам бере албастыгын айтат.

Демек Кыдыр деген ким? Иса ким? Ал экөө тең акыркы күндө жардам берүүчүлөр.

Мунун үстүндө иште. Бул окуя Куранда да бар. Ар бир мусулман акыр заманда Кудайдан башка эч ким жардам бере албастыгын билет. Кудай бизге эмне айткысы келип жатат?

• Башталыш 26:12 — 14 "Исак ошол жерге арпа сээп, ошол жылы жүз эселеп түшүм алды. Анткени Теңир ага ушинип батасын берди".

Исаак ачыктан ачык Кыдырдын батасын алды. (Ал Кыдыр даарыган киши).

Ушул сыяктуу эле окуя качан Манас Кыдыр менен эгин айдаганда болгон. Кыдыр ага келип ал абдан чоң түшүм алган (Айкөл Манас 53 — бет).

Иса Кудайга бир нече нанды алып келип аны менен миңдеген адамдарды тойгузган.

- Башталыш 32:22 — 32 "Ошентип таң атканча бирөө менен күрөштү."

Жакып периште менен күрөшөт (Кыдыр), жана Жакып периштеден бата алмайынча, периштени кое бербей коет. Бул Кыдыр жөнүндөгү биздин салтыбызга туура келет. "Качан ага салам бергенде, анын батасын алмайынча аны кое бербеш керек."

Жакып Кыдыр менен таң атаарда, түндө күрөшөт. Таятам мени таң азанда, күн чыга электе ошол күнгө Кыдырдын батасын алуу үчүн ойготчу.

- Башталыш 32:32 "Ошол себептен азыркы күнгө чейин Ысрайылдын уулдары жамбаштын тарамышын жешбейт".

Азыркы күнгө чейин кыргыздар Менаше (Менашенин)тукуму жамбаштын тарамышын жебейбиз.

Ал эмес Библиядагы жана Курандагы, Жакып, жана кыргыздардын атасы, Жакып, экөөнөн алдамчы адамдар болсо да экөө тең, бүгүнкү күндө батыштыктар батага ээ болгон сыяктуу эле экөө тең батага ээ болушкан. Ромео: биздин кыргыз изилдөөчү балабыз кыргыздар Израилден келген жана Менашенин тукуму экен деп ойлонуп жаткан сыяктуу. Эгерде сенде Башталыш 48ди караганга убакыт болсо, Библиядагы Менаше Жакыптын уулу болуп калган экен. "Жакыптын уулу Менаше" кыргыз баатырына абдан жакын экен. "Жакыптын уулу Манас". Андан соң ал бул жыйынтык жөнүндө эч кандай түшүндүрмө жасаптыр.

- Башталыш 37:15— 17 Жусуп бирөөңө жолугат

Бул окуя менин таятам Кыдырга жолуккандыгына абдан окшош. Ал адам Жусупка жолугуп анын өтүнүчүн аткарат. Ошол жолоочу кыдыр болбосо анда эмне үчүн бул өзгөчө окуя Алланын китебине жазылат? Мен Жусуп Кыдырга жолугуп, "Кыдыр даарыган адам" болуп калды деп ишенем. Мисирге барганда ал ошол себептен батага ээ болгон. Ал менин таятама окшош.

Жусуптун бир туугандары ага ичтери күйүп. Анны куугунтукка алышкан. Жусуп аларды кечирип өзүнүн тун уулуна, Манас (Менаше) деп ат койду. Менаше дегендин мааниси кечирүү жана унутуу дегенди билдирет. Мен дагы мени өлтүргөнү жаткандарды кечирип Жусупка окшош болушум керек.

- Башталыш 48:16 "Мени жамандыктан куткарган периште, бул балдарга батасын берсин".

Жакып Менашеге (Манаска) жана Эпрайымга батасын берет. Ошол сыяктуу эле биздин баатырыбыз Манас да Кыдыр даарыган адам болгон.

- Чыгуу 3:2 Теңир Мусага күйүп жаткан бадалдын арасынан көрүнөт. Бирок ал бадалдагы Кудай беле?

Кудай көбүнчө адамдарга периште түрүн кийип көрүнөт.

Бул көрүнүш да Кыдыр болуусу мүмкүн.

- Чыгуу 14:19 Теңирдин периштеси Ысрайылды жетектеп жана коргоп жүрдү.

Бул "периште" Ысрайылдын сапардагы жолдошу болгон.

- Чыгуу 20:6 (34:7) Качан Теңир өзүн жарыялаганда, ал айтат, "Теңир мээримдүү жана боорукер Кудай, ачууга жай, Аны сүйгөндөр жана ишенимдүү болгондор миңинчи ырайым кылынат."

Дагы эле биздин элге Кудайдын ырайымы болуп жатканын себеби да ушул деп ойлоймун. Көптөгөн кыргыздардын ата - бабалары (Жакып, Менаше/Манас ж.б) Кыдырды сүйүп анын ырайымын алышкан; ошол ырайым миңдеген муундар өтсө да азыркы күнгө чейин келе жатат. Бул билдирүүнү Кудай ыйык тоодо Мусага айткан. Ошондуктан биздин эл тоону сыйлашат болуш керек.

• Чыгуу 23:20 — 33 Теңирдин периштеси Ысрайылды жаңы жерге жетектейт. (1 Корунттуктар 10:4).

Бул периште Кыдыр болгонбу? Тажик куруучулар Кыдыр периштенин руху деп айтышкан.

Жашыя 5:13 — 6:27 Жашыя Теңирдин кошуунунун башчысына жолугат. Ошондо Жашыя Жерихонду шаарын айланып сурнай тартуу менен жөнөйт.

"Жетинчи күнү силер шаарды жети жолу айланып чыгасыңар, жана ыйык кызмат кылуучулар сурнай тартсын, ошондо шаардын дубалдары түбүнө чейин урайт. (Жашыя 6:4,5).

"Каардуу күн" (Куран 74:8 — 10). Бүгүнкү күнгө чейин кыргыздар машина же боз үй сыяктуу бир нерселерди айланышпайт. Мунун мааниси алар эмнени айланып жатсак ошол каргышка калат деп айтышат. Жерихондогу болгон окуяны элдик салт жана милдет катары жүрөктөрүнүн тереңине сактап калган көрүнөт.

Мыйзам кайталоо 18:15—19 Муса мындай деди, "Сенин Теңириң Кудайың силердин бир туугандарыңардын, силердин араңардан бир пайгамбар чыгарат. Теңир айтат "Анын оозуна Мен сөздөрүмдү салам "силер Аны угушуңар керек."

Иса менен Мусанын ортосунда абдан көп окшоштуктар бар.

Жаман падыша (Фараон жана Ирод) экөө тең төрөлгөндө алар менен тең кичинекей балдарды өлтүрткөн. Ал экөө тең чөлгө чакырылган, тоолордо жүрүшкөн ж.б.

Манастын жашоосундагы окуялар да буга абдан окшош. Бул аятта биз ал пайгамбарды угушубуз керек деп айтат.

Марк 9 та качан Иса Кыдыр болуп көрүнгөндө Алла айтты,

"Бул менин сүйүктүү Уулум Аны уккула." Иса Жакыптын уруусунан чыккан. Ал чет элдик болгон эмес. Мыйзам кайталоо 23:13,14 "Стандын сыртына, талаага чыкканыңда, чуңкур казып отур да, чыккан нерсени көмүп сал. Анткени Кудай Теңир сени куткарыш үчүн жана душмандарыңды колуна салыш үчүн, сенин станынды аралап жүрөт. Ал таза эмес эч нерсе таппасын."

Биз кыргыздар дагы эле бул нерсени жазайбыз. Биздин арабызда жашаган башка улуттардан айырмаланып, алыс кетебиз. 2 Жылнаама 16:9 "Анткени Теңир өзүнө жүрөгүн толугу менен бергенди колдош үчүн, бүт жер жүзүн карап турат".

Мен эч качан бирөөнүн Кыдыр "Теңирдин көзү" деп айтканын уккан эмесмин, бирок Кыргыздардын Кыдыры "жер жүзүн кыдырат". Захария 4:10 "Анткени ким бул күндү мааниси жок күн деп айта алат? Зоробабылдын колундагы курулуш салмоорду кубаныч менен карап турган жанагы жети көз — Теңир дин бүт жер жүзүн карап турган жети көзү."

■ Демек "Теңирдин көзү" жети шамдал. Жети бул Кыдырга тиешелүү сан. Ошондуктан Кыдыр жердин үстүн кыдырган "Теңирдин көзү болушу мүмкүн".

Аян 5:6 "жети көз, бул Кудай бүткүл жер жүзүнө жиберген жети рух."

■ Байыркы мусулмандар Исаны Кудайдын Руху деп таанышчу. (Мусулман Иса Халид). Куранда да Иса Кудайдын Руху деп айтылат (4:171).

Мен болсо Кыдыр — Иса бул бүткүл жер жүзүн кыдырган "Теңирдин көзү деп"

жыйынтык чыгарам. Аюб 19:25 "Менин Куткаруучум тирүү, жана Ал акыркы күнү менин чирип бара жаткан теримди топурактан кайра тургузат". Аюб пайгамбар Кыдырдын батасы кайрылып келгенге чейин бардык сыноолордо бекем турду. Мен да ошондой кылышым керек. Ышайа 2:2 — 5 "Акыркы күндөрү Теңир үйү турган тоо бардык тоолордун башына коюлат, бардык дөбөлөрдөн жогору коюлат, ага бүт элдер агып келет; Көптөгөн элдер келип Жакыптын Кудайынын үйүнө киришет."

Бул Кыдырдын үйү болушу мүмкүнбү? Забур да Кудай өзүнүн падышасын Теңирдин тоосуна жайгаштырган дейт. Бул тоо падышасы Мелхиседек сыяктуу, Кыдыр болуусу мүмкүн. Забур 24:3 "Теңирдин тоосуна ким бара алат?"

Ышайа 9:6,7 "Анткени бизге наристе төрөлдү, бизге Уул берилди. Бийлик кылуу Анын ийининде, Ага: Кереметтүү Кенешчи, Күчтүү Кудай, Түбөлүктүн Атасы, Тынчтыктын Төрөсү деген ат коюлат. Дөөттүн тагында жана анын падышалыгында Анын үстөмдүк кылуусуна жана тынчтыктын өсүүсүнө чек жок. Ал аны адилеттик менен, чындык менен бүгүнкү күндөн тартып, түбөлүккө бекитет жана бекемдейт. Себайот Теңирдин кызганычы муну аткарат." "Наристе": Кыргыздын көрөгөчтөрүн жылаңач наристе аркылуу жетектеп жана жандап жүргөндүгү тууралуу уламыштар бар. Бул "жылаңач наристе" Ышайа керген наристе болушу мүмкүнбү? Куран 3:46 Иса бешикте жатканда эле сүйлөгөн жана бүгүн да элдерге сүйлөйт (21:91). Иса ошол "падыша наристе" эмеспи? Куран 19:21 жана Куран 21:91 да Иса баардык элдер үчүн жышаан деп жазылган. Мелкиседек, Кыдыр, жана Иса башкалардан өзгөчө падышалар. Алардын падышалыктары ар түрдүү. Алар башка падышалардан айырмаланып ар түрдүү деңгээлде иштешет. Ышайа "Жышайдын тукумунан. Анын үстүндө Теңирдин Руху, даанышмандык менен акылмандык руху. Менин ыйык тоомдун бүт жеринде жамандык кылышпайт, зыян келтиришпейт, анткени деңиз сууга толгонсуп, жер Кудайдын билимине толот. (9 аят)

Дөөт мындай деп суроо берген, "Ким Теңирдин тоосуна чыга алат?" Куран Кудайдын Руху Иса менен экендигин тастыктайт (Куран 5:110) жана Алла Исага тоодон баш калкалаганга жай берген (Куран 19:16 — 18 жана 23:50). Демек Иса баш калкалоочу тоого чыга алат. Бул тынчтыктын падышалыгы болгон тоо Кудайдын тоосунун борбору (Ышайа 65). Тоолук адамдардын тынчтык орнотууда жана баш калка берүүдө эл аралык ролу барбы? Бизде Кыргызстанда "Теңир Тоо" деген жер бар. Куран жана Библия, Шайтан адамдарды азгырган деп айтат. Элдер Алланын жашаандарын четке каккан. (Забур 2). Натыйжада алар үчүнчү дүйнөлүк согуштун башталышына шарт түзүп жатышат. Кыргызстан келе жаткан согуштан качып, анын ордуна өз тоолорун баш калка кыла алабы? Тынчтыкты сүйгөндөргө биз тынчтыктын мекени боло алабызбы? Канткенде биз тоолорубузду Кудайдын тоосу кыла алабыз? Канткенде биз Кыргызстанды оору жана кыйроо жок болгон Кудайдын ыйык тоосу кыла алабыз? Ышайа 16:1,2 " Козулары Селадан жер ээсине, чөл аркылуу Сион кызынын тоосуна жибергиле. Анткени Маап кыздары Арнон көчүүлөрүндө уясынан түшүп калып адашкан куштай болушат." Мен муну түшүнбөйм. Бирок Иса козу деп аталат. Ал башкаруучулар Пилат менен Იродко барган. Ал дагы орозо кармоо үчүн чөлгө жана Анын чыныгы табияты болгон тоого барган. Азыр ал политикалык, диний жана коомдук уясынан ыргытылгандай жер жүзүн кыдырат.

Ышайа 32:15 "Бизге жогорудан Рух төгүлгөнгө чейин, чөл бакка айланганга чейин, ал эми бакты токой деп эсептешкенге чейин ошондой болот."

Бул какыраган жерди шибердүү жана жемиштүү кылган Кыдырдын батасына окшош. Курандагы өзгөчө жерлери бул Исанын Ыйык Рух менен болгон мамилеси. Куран

3:137,138 биз элдерди карап Кудайдын акыркы сот күнү келе жатканын көрсөк болоорун айтат. Түшүмсүз, куураган араб эли Исанын Кыдыр экендигин көрсөткөн далилдердин баарысын четке какты. Ал гана какыраган чөлдү жашылдандырып жана өлгөнгө өмүр бере алат. (Куран 5:110). Бирок көптөгөн араб бир туугандарыбыз Исаны азыркы Арабияга же өзүлөрү ишенген Исламга кабыл алышпайт. Ошондуктан алардын жери жашыл шибер эмес. Ышайа 40:3 — 11 "Теңирге түз жол даярдагыла; биздин Кудайга чөлдө түз жол жазагыла. Ошондо Теңирдин данкы келет ар бир адам Кудайдын куткаруусун көрөт. Мына Кудай Теңир күч менен бийлик менен келе жатат".

Кыдыр — Иса, Кудайдын оң колу.

Кудай, Кыдыр келет жана бардык адамдар аны көрөт деп убада берген. Биз ал ар бир адамдын өмүрүндө бир эле жолу жолугат деп айтабыз.

Куранда жолугуу — биз Кудай менен жолуга турган күн жөнүндө жазылган.

Халил Гибрандын китебинде Кыдырга жолугуу жөнүндө тамсил бар, Кыдыр: "Мен аны эки жолдун кесилишинен жолуктурдум, ал адам чапан кийген жанында жөкөрлөрү бар жана жүзүндө терен кайгы жатат". Кудай биз Ал үчүн түз жол жазашыбызды каалайт.

Ышайа 41:10 "Коркпо, анткени Мен сени мененмин, капаланба, себеби Мен сенин Кудайыңмын. Мен сага күч берем. Ооба, мен сага жардам берем. Мен адилеттүү оң колум менен сени көтөрүп алам."

Лука 22:69 Кыдыр — Иса Кудайдын оң колу. Куран 74:38,39 "Ар бир жан өзүнүн кылган амалына себептүү тозокко кармалат. Жалгыз гана Кудайдын оң жагында болгондор нажат табат (куткарылат)". Кудай Кыдырга көп өмүр берген. Ким Кыдыр — Исаны баш калка кылса мыйзам бузгандарга келе турган өлүмдүн рухунан куткарылат. Матай 25:34 "Ошондо падыша өзүнүн оң колундагыларына айтты, Атамдын батасын алгандар келгиле, дүйнө жарала электе силер үчүн даярдалып койгон мурасты алгыла". Куран 67:1 "Колуна бүткүл Ааламды кармаган баталуу.

Ышайа 49:8 — 13 " Теңир мындай дейт: "Жакшы убакта Мен Сени уктум, куткаруу күнү Сага жардам бердим. Жерди калыбына келтириш үчүн, кыйраган мурасты мураскерлерине кайрып бериш үчүн, туткундарга: "Чыккыла", деп караңгыда жаткандарга: көрүнгүлө деп айтыш үчүн, Мен сени сактайм, Мен сени элдин келишими кылам. Алар жолдордун боюна мал жайышат, бардык дөңдөрдө алардын жайыттары болот.

Иса бул, Алланын ырайымы (Куран 19:21), ал бизди жетектейт, ал кол жетпес бийиктикте жашайт. Кудай Аны (Куран 23:50) бизди жетектеш үчүн жана биздин кол жетпеген бийик тоолор ордуна келүүсү үчүн бийик жерге койгон. Жалгыз гана Кыдыр — Иса бизге ырайым көрсөтөт, Бейиш жөнүндө бизге айтып жеткирүү үчүн биздин тилди, маданиятты колдонот. Башка бир да ыйык адам менин элиме мындай мамиле кылган эмес. Кыдыр — Иса биздин пайгамбар.

- Ышайа 49:16 "Мен сени өз алаканыма салып алдым"

Мүмкүн Кыдыр — Иса өзүнүн колун караган сайын бизди эстеп тураар. Биз Ал үчүн канчалык кымбат экендигибизди жана кыргыз үчүн кымбат бааны төлөгөнүн эстейт.

- Ышайа 50:2 Кудай айтат, "Менин колум кыскарып калдыбы?"

Кудайдын оң колу болгон Иса куткарууга кудурети жетет. Кимде ким "Иса куткара алабы?" деген суроо берсе, ал адам Кудайдын күчү канчалык экендигин сурап жатат.

- Ышайа 52:7 "Сионго: "Сенин Кудайың падышачылык кылып жатат!" деп

айткан, куткарууну жар салган, кубанычты сүйүнчүлөгөн, тынчтыкты кабарлаган тоодогу жакшы кабарчынын буттары кандай сонун!

Бул аят Кыдырдын саякатынын бир бөлүгү — анын биздин тоолордогу буттары жөнүндө айтылат. Дагы биздин Кыдырдын тапшырмасынын максатын көрө алабыз:Анын максаты "сүйүнчү кабар" (жакшы кабар), тынчтык, боорукердик, жана куткарылуу алып келүү. Манас эпосунда Кыдыр булардын көбүн жасаган. Ал адамдарга бата берет. Кыдыр кыргыз элине мындай деп айтат, "Сени Кудайың бийлик кылат." Биздин көктөгү Теңир бийлик кылат. Оомийн.

Ромео: Котормочу айтты "Көкө Теңир" же "Көктөгү Теңир" деген бул кыргыздын чыныгы Кудайынын байыркы ысмы.

- Ышайа 53:1 "Бизден уккан кабарга ким ишенди? Теңирдин күчү кимге көрсөтүлдү?"

Иса, Кудайдын колу жөнүндө далилдер абдан көп, бирок буга ишенгендер абдан аз.

- Ышайа 53:2 "Анда келишимдүү келбет да, улуулук да жок эле."

Биз кыргыздар Кыдырга жолукканда аны сыртынан таанып жакшы кабыл ала турган эч кандай өзгөчөлүгү жок деп айтабыз. Көбүнчө ал биз каалабаган, алыстан келе жаткан жакыр жолоочу болуп көрүнөт.

Биз каалабаган, алыстан келе жаткан жакыр жолоочу болуп көрүнүү менен Кудай биздин текеберчилигибизди сынап жатабы?

Ар жолу элдин алдында. Иса жөнүндө айткан сайын мен сыноодон өтөм. Эгерде мен адамдардан коркуп, Кудайдан коркпосом анда мен эч качан адамдардын алдында Иса жөнүндө айтпайт элем. Эгерде мен чын эле мусулман болсом Кыдыр — Иса, "Кудайдын Ырайымы" жөнүндө тартынбастан айтат элем. Бул менин ишенимимдин сыналуусу. Муну мен элдин алдында боорукердик кылып же сүйлөгөн сайын сезем.

"Ким аны жакшы кабыл албаса ал адам батасын түбөлүккө жоготот".

Азыр Кыдыр бизге Иса болуп келди, жер үстүндөгү эч ким каалабаган жана эң жек көрүндү болгон элден чыккан пайгамбар. Ал эми биз аны момундук менен кабыл алабызбы? Же биз өзүбүздүн текебердигибиз менен жакырчылыкта жүрө беребизби? Ар бир мусулмандын жүрөгү Кыдырга кандай мамиле кылгандыгынан билинет.

Ышайа 53 — бөлүмдө Халил Гибран айткан Кыдырдын жүзүндөгү кайгы жөнүндө айтылат; Кыдыр чапан кийген жанында жөкөрлөрү бар, жүзүндө терең кайгысы бар адам."

- **Ышайа 59:9,15-20** Кудай адилдикти соот кылып жана куткарылуунун туулгасын кийип (калпак — улуттук баш кийим) Жакыптын бузуктугунан тескери бурулгандарга барат.

Эстетме: Жакып бул Манастын атасы, кыргыздардын ата-бабаларынын бири. Ошондуктан кыргыздын баары Жакып деген аттын ичинде болот. Азыркы убак Кыдыр менин элимдеги көптөгөн адамдарды кыдырып жаткан кези. Көптөгөн адамдар түш көрүп же аян алганда Кыдыр калпак кийип жүргөн деп айтышат.

- **Ышайа 63:8-10** Ошондуктан Теңир алардын куткаруучусу болду.

Алардын башына ар кандай кыйынчылык түшкөндө, Теңир аларды таштаган жок, аларды Анын жүзүнүн периштеси куткарып турду. Теңир аларды өзүнүн сүйүүсү, ырайымдуулугу менен куткарып калды. Аларды байыркы күндөрдөн бери көтөрүп жүрдү. Бирок алар баш ийбей, Анын Ыйык Рухун капа кылышты".

Кыдыр — Кудайдын катышуусу менен жүргөн периште дайыма менин элиме келет! Кыдыр байыртан бери эле бизге келет, бирок биз анын Куран Иса деп айткан ыйык рухун капа кылабыз.

- **Ышайа 65:9-25**

9-аят) Кудай айтат, "Мен Жакыптан тукум курайм, Жүйүттөн Менин тоолорума мурасчы чыгарам. Менин тандалган адамдарым ал жерди ээлеп алышат, Менин кулдарым ал жерде жашап калышат."

■ Кыдыр — Иса бул Жүйүттүн тукуму болуп Кудайдын тоолорун мураска алган. (Куран 23:50).

■ Куран жана Инжилде- Иса жана Дөөт тоодо болгондугу жөнүндө айтылат.

11-аят) "Бирок силер Теңирди таштагандар жана менин ыйык тоомду унуткансыңар"

■ Кыргыздар тоолорду сыйлашкан, бирок азыр биз чөлдү көздөй бурулдук. Биз Теңирдин ыйык тоолорун унуткандар болуп калдык.

(25-аят) "Карышкыр менен козу бирге жайылат, алар Менин ыйык тоомдун эч бир жерине зыян келтирбейт дейт» —Теңир.

■ Тоо падышасы, Кыдыр — Иса, согушуп жаткан элдерге жана урууларга тынчтык алып келет. Качан Ислам, Христианчылык жана Иудаизм алардын Ыйык Китептери жана ата — бабалары Кыдырды кандай сыйласа ошондой эле сыйлап башташса тынчтык болот.

- Жеремия 2:17 "Теңир сени жетелеп бара жаткан, бирок сен Аны таштап кеттиң".

Теңир биздин жолго чыккандагы — жолдошубуз. Ал бизге жол көрсөтүп жетектейт. Кудай мени жана менин элимди кечирсин. Биз аны таштап кеттик.

- Жеремия 8:21 "Менин элимдин талкаланганын көрүп мен талкаландым".

Кыдыр — Иса менин элимдин талкаланганын билет. Ал бизге жакын. Иса нан алып сындырды. Андан кийин аны жолдошторуна берип, "Бул Менин силер үчүн сындырыла турган денем".

(Лука 22:19 жана 1 Корунтуктар 11:24). Кыргыздар негизи эч качан нанды кескен эмес. Биз аны Исаны денеси сындырылгандай сындырабыз.

- Жеремия 10:23 "Теңир мен адамдын жолу өз эркинде эмес экендигин билем." (Ышайа 11:7,8) Бул айдан ачык.

- Жеремия 17:8 "Анткени ал адам суу боюнда тигилген, тамырын суу боюна жайган дарактай болот. Ал аптапты сезбейт. Анын жалбырактары жашыл бойдон турат, ал кургакчылык убагында да коркпойт, мөмө берүүсүн токтотпойт."

Арабдар Кыдырды жашыл пайгамбар деп айтышат жана түндүк Эвропалыктар аны жашыл адам деп таанышат. Бул аят Кыдырдын жүргөн жерине шибер жана түшүм чыгаарына мисал боло алат.

- Жезекил 1:26 "Алардын баштарынын үстүндөгү көмкөрүлгөн асмандын үстүндө болсо жакут таштан жазалган тактыга окшош нерсе бар эле. Ал эми тактыга окшош нерсенин үстүндө адамга окшош бирөө бар эле."

Жезекиел керген аяндагы адам ким болгон? Ал адам көптөгөн кыргыздар түштөрүндө, аяндарында, жана руханий дүйнө менен байланышканда көргөн Кыдыр — Иса болуш керек.

Манастын атасы Жакыпка да ушул сыяктуу эле качан Манас төрөлүүсүн

билдиргени Кыдыр келген.

- Жезекил 34:11 — 13 Анткени Кудай Теңир мындай дейт, "Мен, өзүмдүн койлорумду издеп табам, аларды карап чыгам. Чачырап кеткен койлордун арасында болгон күнү кайтаруучу койлорун кандай текшерсе, мен да өз койлорумду ошондой карап чыгам, булут жана туман каптаган күнү кайсы жерлерге чачылып кетишсе, ошол жерлерден аларды куткарып алам. Аларды элдердин арасынан алып чыгам, аларды ар кайсы өлкөлөрдон чогултам, аларды өз жерине алып келем, аларды, Ысрайыл тоолорунда, агын суулардын жээгинде жана ушул жердин эл жашаган бардык жерлеринде кайтарам."

Бул аятта Кыдырдын максаты жазылган. Кыдыр — Иса менин элимди таап бизди Жаратуучубузга кайтаруу үчүн келген.

- Жезекил 34:23 "Алардын үстүнө бир кайтаруучу коем, аларды кайтарганга өз кулум Дөөттү коем. Аларды ошол кайтарат, алардын кайтаруучусу ошол болот".

Дөөттүн Кыдыр — Машаяк менен кандай байланышы бар?

(Лука 18:35-43) Куран Иса жана Дөөт экөөнү тең тоого байланыштырат. Дөөт жана Иса экөө тең Кудайдын элин бириктирет.

(Куран 21:91,92 жана Жакан 10).

- Даниел 7:9 — 28 (13) Даниел аян алып байыркы күндөрдөн бери келе жаткан "адам уулуна окшогон бирөөнү көрөт".

Бул аяндагы адам уулу менин элим көргөн аяндагы Кыдырга туура келет. Акай 2:7 "бардык элдерди солкулдатам, ошондо бардык элдер өздөрүнүн кымбат баалуу нерселери менен келишет, бул үйдү даңкка толтурам, — дейт Себайот Теңир".

Кудай элдерди титиретип жатат, жана биз биздин жаштардын каалоосуна бурулуп жатабыз, Кыдыр — Иса; бул Баардык Элдердин эңсеген эңсөөсү.

Мага кызыктуу болгону баардык элдерде эле Кыдырды бирдей келбетте элестетишеби. Эгер Кыдыр — Иса ар бир адамга өмүрүндө бир эле жолу жолукса, анда башка элдердин да уламыштарында жана рухунда жашырылган Кыдыр жөнүндө түшүнүк бар болсо керек.

- Захария 2:6 — 11. Теңирге окшогон бирөө анын элинин арасында жашайт.
- Захария 4

(2 — аят) "Жети", Кыдырдын саны

(2 — аят) "Шамдал", Кыдырдын жарыгы

(6 — аят) "Менин рухум аркылуу". Куран 4:171.

Кыдырдын көмөгү.

(7 — аят) "Негизги таш". Иса исламдагы эң күчтүү пайгамбар жана баардык кылым үчүн негизги таш.

(Куран 5:110).

(7 — аят) "Ырайым". Иса Кудайдын ырайымы (Куран 19)

(9 — аят) " Ибадаткана". Иса Кудайдын үйүбү?

(9 — аят) "Теңир мени жиберди". Алла жибергенди бардыгы утушу керек.

(10 — аят) "Жанагы кубаныч менен карап турган жети көз — Теңирдин бүт жер жүзүн карап турган жети көзү."

■ "Теңирдин көзү бардык жерде, ал жер жүзүндөгү бардык жамандыкты жана жакшылыкты карап турат" (Аян 4:5 жана 5:6; 2 Жылнаама 16:9 жана Накыл сөздөр 15:3).

Иса — Кыдыр биздин арабыздагы "Теңирдин көзү". Куран Иса жышаандар менен келет деп айтат. (21:91), Качан ал келгенде ал биздин үйүбүздүн ичин жана эмне

ичип эмне жеп жатканыбызды да көрөт. (Куран 3:45); Анын асмандык көздөр.

Жети деген сан, ал айылдарды кыдырат, жана анын көздөрү билими бул жышаан. Иса Машаяк биздин Кыдыр.

- Ал "Теңирдин жети көзү" — жер үстүндөгү бейиштин улуу жарыгы.
- Куран жана байыркы мусулмандар Исаны "Кудайдын Руху" деп айтышкан (Куран 4:171 жана Мусулман Иса, Халид)

• Захария 9:9,10 "Сага сенин падышаң келе жатат, ал момундук менен коделек минип келе жатат. Ал элдерге тынчтык жөнүндө сүйлөйт."

Таятам жана аксакалдар Кыдыр көбүнчө эшек минип келет деп айткан. Эшек бул момундуктун белгиси болуп бирөөнү коркутпагандык болуп эсептелет. Иса толугу менен эң момун пайгамбар. Ал чыныгы мусулманга эң сонун үлгү. Исламдагы суфи агымы Исаны момундугу, жөнөкөйлүгү жана өзүн өзү курмандыкка берген жашоосу үчүн сыйлаган.

• Захария 13:6 "Сенин эки колуңдагы жарааттар эмне?"

Бул жарааттар Кыдырды тааныта турган белгилер; бул жарааттар анын документи. Куранда бир аят Кудай Исаны өлтүрдү деп айтат (3:55), дагы башка аят анын төрөлгөн, өлгөн, жана тирилген күн баталуу күн деп айтат. (19:33). Кыдыр — Исанын колдору бул Курандагы аяттарга күбө.

Куран да Кудайдын баардык элчилери, күү тунтукталып, токмок жешет деп айтат. Исаны дүйнөдөгү бардык элдер жек көрөт. Исанын колундагы жараатары Алланын күүтунтукталган жана жараат алган Машаягы экендигинин белгиси. Иса Кыргызка жана мусулмандарга, Кудай Аны жибергендигин далилдөө үчүн кыйналып өлгөндөгү жарааттары менен келди.

- "Аларга, алар шылдыңдабаган бир да элчи келе элек" (Куран 36:30). Иса бул, бардык элдерге жиберилген жышаан (Куран 21:91) жана ал бардык элдер аркылуу шылдыңдалды. Азыр анын жарааттары бар.
- "Анын улуу курмандыгы аркылуу биз үчүн күн төлөнгөн" (Куран 37:107). Мен үчүн да күн төлөнгөн. Ырахмат сага, Кудай.

Качан мен акындардын айтышына киргенде, мен Кыдырдын колу жөнүндө ырдадым. Ошондо мен адамдар шыктанып жана кубана түшкөндөрүн байкадым. Ошондо менин төбөм көккө жетти. Захария 14:8 "Ошол күнү мындай болот: Иерусалимден тирүү суулар агып чыгат, алардын жарымы чыгыш деңизине, жарымы батыш деңизине агат: жайында да, кышында да ушундай болот." Көбүнчө эки суу агып өткөн Иерусалим, Иса менен өнөктөш болот. Уламыштар Кыдырга Муса жолуккан эки суудан тапса болот деп айтышат. (Куран 18:60). Жезекил 47:9 — "Эки агым кирген жерде бардыгы тирүү болот". Ышайа 55:1 — "суулар" (көптүк сан).

Жакан 7: 37,38 — "Майрамдын акыркы күнү Иса эл алдына туруп, бийик үн менен мындай деди: "Ким суусаса, мага келсин жана ичсин. Ыйык Жазууда айтылгандай, Мага ишенген адамдын ичинен тирүү суу чыгат".

- Эгерде биз китепте жазылгандай ишенсек, суулар Кыдыр — Иса жашаган биздин жүрөгүбүздөн агып чыгат. Бул Кыдырга өмүр жана кыдырып издөө өмүрүн берген мүрөктүн суусу. Бул (Куран 18:61—63).

Бул менин элимди айыктырыш үчүн күч берген суулар.

Ышайа 30:25,26 — "Чоң кыйроо болгон күнү, мунаралар кулаганда, ар бир бийик тоодо, ар бир бийик дөңсөөдө агын суулар, өзөндөр агат. Теңир өз элинин жараатын танган күнү, дартын айыктырган күнү ай жарыгы күн жарыгындай болот, ал эми күн

жарыгы жети эсе жарык болот, жети күндүн жарыгындай болот".

■ 2001-жыл 11-сентябрь, Нью-Йорктогу дүйнөгө белгилүү асман тиреген имараттар кулады. Азыр болсо "өлүм абдан көп". Терроризм жердин үстүн каптап турат. Кыргызстандын улуу бийик тоолору Исанын келишин башынан өткөрүп жатышат. Мүрөктүн суусу менин жүрөгүмдөн агып чыгып Кыдыр — Иса аркылуу көптөрдүн жүрөктөрүн айыктырып жатат. Жеремия 2:13 — God says, "Анткени менин элим эки жамандык кылды: Мени тирүү суунун башатын таштап кетишти, өздөрүнө талкаланган, суу сактай албаган кудуктарды казып алышты".

■ Менин кыргыз элим биздин атабыз Жакыптын жана Манастын Кудайынан баш тартып кеткендерине көп убакыт өттү. Жана азыр биз бурмаланган философия жана диндер, мүрөк суусун, кубаныч жана бата бере албаган коммунизм сыяктуу нерселер менен алек.

■ Коркунуч, алдамчылык, башкаруу жана чет элдиктердин диндери биздин ишенимдин негиздери болуп калды.

Аян 22:1,2 " Анан ал мага Кудайдын жана Козунун тактысынан агып чыгып жаткан өмүр суусунун кристаллдай тунук дарыясын көрсөттү. Анын көчөсүнүн ортосунда, дарыянын аркы тарабында да, берки тарабында да өмүр дарагы өсүп туруптур. Ал ай сайын, бир жылда он эки жолу жемиш берет экен. Анын жалбырактары элдерди айыктырууга арналыптыр."

Куран 54:12,13 Асмандан келген жана жерден чыккан топон суу бири бирине максат менен жолугушат. Нухтун куткарылуусуна себеп болгон кеме тактай жана мыктар колдонулуп жазалып, Исанын айкаш жыгачын чагылдырат.

Куран 18:60 Муса Кыдырга "эки суунун кошулушун" жолуккан.

Забурдан китебинен алынган далилдер

• Забур 2

"Жер жүзүнүн падышалары каршы чыгып жатышат, төрөлөр чогулуп, Теңирге жана Анын майланганына каршы кеңешип жатышат" (2 — аят).

*Биздин кыргыз ата — бабаларыбыз, Манас эпосу, жана Кудайдын Ыйык китеби Кудай майлаганды (тандаганды) четке какпоо керектигин эскертет. Жалган абдан күчтүү болуп чыныгы баатырды эч ким таанбай калат. Жана ошол көптөгөн адамдар жалганга ишенип алышып өз акылсыздыктары менен өлүшөт. Манас эпосунда Хан Манастын уулу Семетей, башка элде чоңойгондугу айтылат. Качан ал он эки жашка чыкканда ал өз мекенине аттанат. Бирок кыргыздар аны чыныгы падыша катары кабыл албай коюшат. Биз дайыма Кудай тандаган адамды четке кагабыз. Анын натыйжасында, биз жеңилүүгө учурап, кулдукка түшөбүз.

■ Анда чыныгы жетекчини ээрчип жүргөнүбүздү кантип билебиз? Чыныгы жетекчи экендигин кантип тааный алабыз?

"Анткени Мен өзүмдүн Падышамды ыйык тоом Сиондун үстүнө койгом" (6 — аян)

■ Кудай тандаган жетекчи чөлдө эмес, тоодо падышалык кылат.

Куран 54:54,55 адилеттүү адам Кудуретүү Падышанын мээриминде бакчанын жана дарыялардын арасында жашайт.

Куран 23:50 Алла Исага булактар жана үйүр бар бийик жерден баш калка берген. Уулду өп, болбосо Анын ачуусу келсе өлөсүң" (12 — аят)

■ Мен Кыдыр — Исаны кантип өбөөрүмдү билбейм, бирок мен аны өмүрүмдө жолуктурган эң ишенимдүү жана чыныгы мусулман катары сыйлайм.

Забур 15:10,11 "Анткени сен менин жанымды өлгөндөр жаткан жайда калтырбайсың, өз ыйыгыңдын чирүүсүнө жол бербейсиң. Сен мага өмүр жолун көрсөтөсүң. Сенин алдыңда — толук кубаныч, оң колуңда түбөлүк жыргал."

Кыдыр эч качан бузулбайт да чирибейт. Ал көрдөн, тирилип чыгып, бүгүнкү күнгө чейин тирүү. Ал менин жол көрсөтүүчү (жолго чыккандагы жолдошум); жалгыз ал гана өмүрдүн жолун билет. Ким ага салам айтса ал баталуу. Алардын кубанычы толук, себеби алардын күнөөсү жана айыптары аларга эч качан эсептелбейт (Куран 74:38,39 жана Забур 32:1,2).

Забур 17:10. "Асманды эңкейтип ал жерге түшүрдү"

Момун Кудай көктөн жерге, биздин денгээлибизге түшүп келип көзүбүзгө тике карайт. Ал бизди түшүнөт жана биз эмнени сезип жатканыбызды билет. Ал адам баласына абдан жакын жана адамгерчиликтүү. Мен анын жанымда экендигин сезе алам. Ал балдарын кучакташ үчүн, ийилип турган атага окшош.

Забур 21:13, 14 "Көп букалар мени тегеректеп алышты, Башандын семиз өгүздөрү мени курчап алышты. Алар мага олжосуна жулунуп айкырган арстандай оздорун ачышты."

Бул аят Башан тоосунан болгон Манастын тукуму Исаны жек көрүп калат деген пайгамбарчылыкка окшойт.

(Лука 19:14). Биз Исаны айкаш жыгачка кагып жатканда жанында карап турбасак да, кыргыздар Исаны четке какканга катышып жатышат.

■ Чыңгыз Айтматов, тарыхта Иса өлгөн Баш Сөөк Жайы, деген жерде биз да катышканбыз дегенге окшош түшүнүк айткан.

Исаны көбүнчө кыргыздын ак сөөктөрү (букалар), каршылык көрсөтүп жана айыпташат."(Жезекил 34). Биздин ак сөөктөр Иса жөнүндө интелегентүү адамдардай талкуу жүргүзүшпөйт. Алар Исага ач арыстандай ачууланышып Жихад кылгылары келишет. Бул Исага болгон каршылыкка эмне түрткү болуп жатат?

Бул аят күчтүү жана каардуу букалар мени курчап алышышты деген арабдар согуштун алтынчы күнү Израелди курчап алган сыяктуу менин айылымда мени менен болгон нерсени алдын ала айтылган пайгамбарчылык жөнүндө. Жеңиш, баарынан мээримдүү Алладан келет (Куран).

Ромео: Биздин жаш изилдөөчү балабыз кыргыздардын ата — бабалары Библиядагы, бир убакта Башан тоосунда, Иордандын чыгышында жашаган Менаше уруусунан келгенбиз деп ойлойт экен. Мен азыр диний изилдөөлөрдү жүргүзүп баштадым. Бул мен элестеткенден да бир канча кызыктуу экен.

• Забур 21:17 "Алар менин буту колумду тешишти,"

Ошондуктан Кыдырдын колунда жараат же тешик бар.

(Захария 13:6). Ошол жарааттары менен ал бизди оттуу казандан куткарган. Чолпон, Исанын колундагы тешиги анын бизге болгон сүйүүсүн билдирет жана бул Кудай өз күчүн жашырган жер деп айтат. (Хабакук 3:4 жана Куран 67:1). Орто Азиянын улуу акыны Алишер Навои дагы Машаяктан бейиштин сүйүүсүн тапкан.

• Забүр 33:16 "Теңирдин көздөрү" (2 Жылнаама 16:9).

Кыдыр ааламды кыдырган жана ар бир адамга өмүрүндө бир жолу (мүмкүн үч жолу) көрүнгөн "Теңирдин көздөрү" болуш керек. Ал биз такыбаа же такыбаа эместигибизди көрө алат. Биздин такыбаалыгыбыз биз аны жакшы же жаман кабыл алуубуз менен ченелет.

• Забур 64:10— 14 "жерге түшүп анын суусунун кандырасың ..."

Биз ал качан бизге келгенде аны тааный алгандай болушубуз керек. (Лука 19:42 — 44). Араб эли Кыдыр баскан жер жайкалган шиберге айланат деп айтышат. Ошондуктан, Кыдырды жакшы кабыл алган өлкөлөр, аны кабыл албай койгон өлкөлөрдөн жашылыраак.

■ Куран 3:137, 138 аяттарда биз башка элдердин башына түшкөн жазаны көрүп үйрөнүшүбүз керек деп айтылат.

- Эгер бул чындык болсо анда эмне үчүн адамдар батыштын какшып, куураган чөлүнө барып жатышат? Араб чөлү жашыл пайгамбарды жана анын шакирттерин күүтунттуктаган өлкөлөргө толгон.
- Манас жана биздин байыркы бабаларыбыз чыгышка сыйынышкан жана ошондо гана адамдар күч кубат табышкан. (Жезекил 43:1—5).
- Куранда "Сен жүзүңдү чыгыш менен батышка бурганың такыбаалык эмес; такыбаалык бул Аллага жана акыретке жана Ыйык Жазуу менен пайгамбарларга ишенүү" деп жазылган.

■ Жараткан, мени акылмандуулукка үйрөт. Суранам, үйрөт.

• Забур 67:7,9,10 " О Кудай сага баш ийбегендер ысык чөлдө калат, сен өз элиңдин алдына чыкканда, сен чөлгө салтанат менен бара жатканда, сенин жүзүңдөн асман Эриген. Оо Кудай, Сен өз мурасыңа жамгырды мол жаадырасың, ал жумуштан алсыраганда, өзүң күч берип тургансың."

Мүмкүн бул арабтардын Кыргызстанга келип алышып Библия (Тоорат, Забур жана Инжил) китеби бурмаланган деп айтып жаткандыктарын түшүндүрөт. Алар биздин какшыган чөлдө жашаган, козголоңдуу эл жөнүндө окушубузду каалабайт. Алар биз алар жакшы мусулмандар деп ойлоп калышыбызды каалашат. Мүмкүн мени улутчул деп айтаарсыңар, бирок мен кыргыздар арабдарга караганда жакшыраак мусулмандар деп ойлойм.

Кудай арабтар менин элиме Алланын китебин окуганга тыюу салып жаткандыгын кечирсин.

• Забур 84 Бул жерлерди көк шиберге айланткан, жашыл пайгамбар жөнүндөгү жакшы забур.

14 —аят, англисче котормодо, мындай жазылган "Адилеттик Анын алдына барат жана Анын буттары бизге жол даярдайт."

• Забур 88:10. "Сен деңиздин каарына бийлик кыласың; анын толкундары жогору көтөрүлгөндө, сен аларды басасың."

Иса бул пайгамбарчылыкты аткарган (Марк 6:45 — 52 жана Лука 8:22-25).

Кыргыздар Кыдыр ташкындаган Нарын дарыясынын үстүнөн басып өткөн деп айтышат.

• Забур 95:13 "Ал жерди соттош үчүн келе жатат"

Бул келе жаткан сот жөнүндө кээ бири түбөлүк бакыт деп айтат, ал эми башкалары жаныбыздын биротоло жок болушу дейт. Мен болсо адамдардын арасында адилдик орногон күндү күтөм.

• Забур 100:1,2 "Мен ырайым жана акыйкаттык жөнүндө ырдаймын.

Теңир мен Сага ырдаймын. Күнөөсүз жол жөнүндө ой жүгүртөм: "Сен мага качан келесиң?" Мен өз үйүмдө жүрөгүмдүн тазалыгы менен жүрөмүн".

Дөөт падыша да Кыдырдын батасын алганды каалаган кыргыздарга окшош болгон.

• Забур 103:3,4 "Сен булуттарды өзүнө араба кыласың, шамалдын

канаттарынын үстүндө жүрөсүң сен өз периштелериңди шамал, өз кызматчыларыңды жалын кыласың".

Кыргыздын түндүгүнүн так ортосундагы жыгачтан жасалган айкаш жыгач Кыдыр — Машаяктын жана анын биз үчүн кылган курмандыгы биздин маданияттын борбору экендигин билдирген сыяктуу. Бул айланасында кырк оттун жалыны бар эл аралык белги, биздин ыйык желекте да бар.

■ Манас эпосу Кыдырдын 40 чилтени (периштеси) бар деп айтат. Кыдырдын 40 кызматчысы биздин желекте 40 оттун жалыны болуп берилген. Бул Забур аятында Забур китебининин бул аятында "шамалдын үстүнөн баса алуучу" өз кызматчыларын жалынга айлантат дейт. Бул Мариямдын уулу Исанын периштелер менен келиши жөнүндө айтып берген молдонун окутканына туура келет.

■ Куран 2:210 "Алар Алланын өз периштелери менен булут жамынып келгенин күтүшөбү?"

■ Элч. иштери 2:2,3 "Бир маалда асмандан катуу шамалдын добушундай болгон добуш чыгып, алар отурган үйдүн ичин толтурду. Анан жалындай болгон тилдер бөлүнүп-бөлүнүп, алардын ар биринин үстүнө түштү."

• Кыдырдын Манас үчүн кылган пайгамбарчылыгы Элчилер иштери 2чи бөлүмүндө аткарылат. Кыдырдын жолдоштору Манастын жолдошторуна жардам беришет.

• Забур 109 "Теңир менин Теңириме айтты, "Мен сенин душмандарыңды бут алдыңа жыкканга чейин, менин оң жагыма отур", -деди".

Кудайдын элинин улуу жетекчиси Дөөт эки теңирди көргөн. Алардын бири Кудай болгон. Экинчиси болсо биздин премьер-министр болгон Кыдыр — Машаяк болушу керек. Экинчи Теңир болсо оң кол, асмандагы премьер-министр.

Дөөт да Манаска окшош. Экөө тең малчы жаш балдар болуп турушуп, дөөнү өлтүрүшүп элинин баатыры болуп калышкан. Экөө тең эч кандай курал колдонбостон эле эрдик жасашкан. Экөө тең өз элин куткарып жана аларга эркиндик берген. Экөөнүн тең кыянат хандын уулу болгон досу болгон. Экөөнүн тең 37 же 40 желдети болгон жана алардын үчөө өзгөчө эр жүрөк болушкан. Экөөнүн тең аларды майлаган (шайлаган) акылман адамдары болгон. Экөө тең Кыдырга жолугуп бата алышкан.

• Забур 138:1 — 12 "Сенин колуң мени жетектейт, сенин оң колуң мени бекем кармайт"

Кудайдын оң колу биз кайда барбасак да ошол жерде. Ал исламга ишенгендер менен, биздин теңирчилик динибиз менен, машаякчылык жана машаякчылар менен жана иудаизмге ишенген жүйүттөр менен дагы. Биз андан эч кайда жашына албайбыз. Алланын бизден каалаганы биз ага жана ал жиберген жышаандарга ишенүүбүз (Куран 21:91 жана Жакан 6:28-30).

Инжилден (Жакшы Кабар) салыштырмалар.

• Матай 1:23 Качан Иса төрөлгөндө, атын Эммануел, "Кудай биз менен" деп кой деди Периште Жусупка".

Кыдыр — Исанын дагы бир аты "Кудай биз менен" Суусамырда жашаган бир аксакал Кыдыр бул Адам кебетесиндеги Кудай деп айткан.

Кудай "Кудайдын үйү" деген имаратта гана жашайт деген түшүнүк бул акылсыздык. Кудай асманда жашайт. Жер Анын бүтүнүн алды. Бирок кудуретүү Кудай адамдарга кайра-кайра кайрылат. Ал өзүн басынтып чатырларга, ибадатканаларга, же

Кабаага адам кебетесинде келет. Кудай "биз менен" болгонду каалайт. Ал ошондой Кудай. Биз Ал кандай болсо ошол бойдон кабыл ала алабызбы? Же биз Андан да сыйлуу Кудайды талап кылабызбы?

• Матай 5:8 "Ак жүрөктөр бактылуу. Себеби алар Кудайды көрүшөт."

Эгер биздин жүрөгүбүз таза болсо биз Кыдырды тааныйбыз жана Кудайдын ырайымын көрөбүз. Эгерде биздин жүрөктөрүбүз таза эмес болсо Алланын ырайымы бизден жашыруун болот (Лука 19:42).

• Матай 9:9,10 Иса Матайга жолугуп, "Мени ээрчи" —деди.

Иса динди абдан жеңилдеткен. Ал жөн гана, "Мени ээрчи" —деп айтат. Башка диндин негиздөөчүлөрү миңдеген мыйзамдар аркылуу бизди христиан, Жакабанын күбөлөрү, Ислам фундаменталистери кылгылары келет. Бирок Иса биздин мыйзамдарга байланганыбызды каалабайт.

Пабыл адамдарды жаңы диндин буйруктарын аткара баштагандары үчүн айыптаган. (Галаттыктар 5:1,2).

* Бизге диндин кереги жок; Бизге Кыдыр жана анын батасы керек.

Матай Кыдырдын чакырыгына баш ийип жана келечекте батага ээ болгон. Бүгүнкү күндө Матай атактуу жана ага түбөлүк өмүр убада кылынган.

■ Кээ бир адамдар Матай Жакыптын жана Манастын тукумун Кыдыр — Исаны ээрчигенди үйрөөтүү үчүн Ысык — Көлгө чейин келген.

■ Мүмкүн Матай Жүйүттүн катын да менин чоң аталарыма ала келгендир. Жүйүт өз катын, " Чачырап тарап кеткен он эки урууга салам" деп баштайт (Жүйүт 1:1)

Ромео, Ысык-Көлдүн түштүк чыгышында археологдор суунун алдында калган байыркы айылдарды казып жатышат. Кээ бир адамдар Апостол Матайдын сөөгү ушул жерге коюлган деп айтып жатышат. Эч нерсе далилдене элек. Мага көбүрөөк далил керек. Байыркы карталар, "Исанын кечки тамагы" үчүн колдонулган табылган байыркы оокаттар жана уламыштар гана Матайды көрсөтүп жатышат.

• Матай 9:35 Иса бардык айылдарды кыдырып, адамдарды дарылап жана жакшы кабар таратып жүрдү.

Биз Кыргыздар дагы Кыдыр айылдарды кыдырып адамдарга бата берет деп айтабыз.

• Матай 9:38 "Түшүмдүн пири".

Түшүмдүн пири Манаска көп түшүм жыйнаганга жардам берген ыйык адам.

Арсланбабтык бир изилдөөчү дагы Кыдырды "түшүмдүн пири деп айткан".

• Матай 10:40 — 42 "Ким пайгамбарды, пайгамбар катары кабыл алса,

ал пайгамбардыкындай сыйлык алат. Ким такыбааны такыбаа катары кабыл алса, ал такыбааныкындай сыйлык алат."

Бул аят эгерде Кыдырды ким жакшы кабыл алса, ага сыйлык болот деген кыргыздардын түшүнүгүнө туура келет.

Кудай биздин меймандостугубуз үчүн бизди сыйлыксыз калтырбайт — биздин Кудай —конок маданияты.

Кимде ким Исанын атынан уялса Анын ырайымына жана батасына татыктуу эмес.

Матай 18:20 "Менин ысмымдан экөө же үчөө чогулса, Мен алардын арасындамын."

Бул дагы биздин түшүнүккө жакын; "Кыдыр бул жетинин бири". Мунун мааниси эгерде жети адам чогулса алардын бири Кыдыр. Муну "Эмануел", "Кудай биз менен" жана Матай 25:31 —46 да жазылган, биз башкаларга эмне кылсак Исага кылган болобуз деген түшүнүк менен салыштырып көр. Жакыптын Кудай өз элинин арасында болууну абдан эңсейт. Биздин Кыдыр жөнүндөгү түшүнүктөрүбүз Алланын ыйык китебиндеги чындыктарга туура келет.

- Матай 23:10 (Кыргыздардан) "Силердин бир эле жол көрсөтүүчүңөр бар, Ал Машаяк."

Бул Кыдыр (жолоочунун жолдошу) жана Машаяк ошонун өзү. Экөө тең биздин жол көрсөтүүчүбүз.

Руми айткан, "Эгерде сен бейишти кааласаң Исанын жолдошу бол»; Суфи сүйүү жолу.

- Матай 24:30,31. Иса өзүнүн периштелери менен келип өзүнүн тандалгандарын чогултат.

Кыдыр Манаска акыркы сот күнү 40 периште жардам берет деп убада берет. Айкөл Манас 35-бетте Манаска 40 периште (чилтен) жардам берет деп жазылган.

Молдо Шайтан жеңилгенден кийин Иса жер үстүндө кырк жыл падышачылык кылат жана бүт дүйнө мусулмандар дагы баш ийет деп айткан.

Куран 2:210 "Алар Алла булуттардай периштелери менен келген күтүшөбү?"

Куран 10:45 "Качан ал аларды чогулткан күнү Алла менен жолугуудан жана анын жетегине баш ийбегендер жок болууга дуушар болушат." Дагы Жакан 3:36.

Куран 89:22 "Сенин Теңириң периштелери менен келет."

Матай 13:37 — 43 " Адам Уулу өз периштелерин жиберет, жана алар күнөөгө түрткөн бардык нерсени жана мыйзамсыздык кылгандарды Анын Падышалыгынан алып, жалындап күйүп турган отко ыргытат.."

- Матай 25:23 "Теңириңдин кубанычына кир". (Жакан 15:11).

Биз, ким Кыдырды кабыл алса аларга улуу бакыт берилет, жана ким Кыдырды кабыл албаса бактысын жоготот деп ишенебиз.

- Матай 25:31 —46 "Анан Падыша өзүнүн оң жагында тургандарга мындай дейт: "Атамдын батасын алгандар, келгиле дүйнө жарала электе эле силер үчүн даярдалган Падышачылыкты мураска алгыла. Анткени мен ачка болгондо тамак, суусаганда суу бердиңер. Жолоочу болгонумда, силер Мени кабыл алдыңар. Мен жылаңач болгондо, силер Мени кийинттиңер. Ооруганымда, силер мага келдиңер. Түрмөдө отурганымда, силер Мага келдиңер. Ошондо адил адамдар Ага мындай деп жооп беришет: "Теңир! Качан биз Сенин ачка болгонуңду көрүп, тамак бердик эле? Качан биз Сенин суусаганыңды көрүп, суу бердик эле? Качан биз сенин жолоочу болгонуңду көрүп, кабыл алдык эле? Качан биз Сенин жылаңач болгонуңду көрдүк, кийинттик эле? Качан биз Сенин ооруп жатканыңды же түрмөдө отурганыңды көрүп, Сага келдик эле? Падыша аларга мындай деп жооп берет: "Силерге чындыкты айтып коёюн, Менин бул кичине бир туугандарымдын бирине жакшылык кылганыңар, Мага кылганыңар".

Бул аят менин таятамдын, качан биз жолоочуну кабыл алганда биз Кудай конокту, Кыдырды кабыл алган болобуз деген ишенимине так туура келет.

Куран 74:38,39 оң жакта турган адам акталат. Матай 28:20 Кыдыр Иса убада берет, "Мен силерге үйрөткөндүн баарын аларга үйрөткүлө жана дүйнөнүн акырына чейин Мен силер менен боломун".

Биз Кыдыр биздин жөлөгүбүз деп айтабыз. Ал дайыма, ал эмес акыркы сот

күнүндө да бизге жардам жана жөлөк болом деп убада берген.

Манас эпосунда (Теңири Манас 59-бет) Кыдыр Манастын жардамы болгон. Ал биз менен болгон; Ким аны ээрчисе ал алар менен; Биз жолоочу болуп жолго чыкканда аягына чейин ал биз менен.

Кыдыр — Иса дин таратпайт. Ал бизден да дин жаратууну сурабайт. Ал биздин элдерди кантип Жараткандын чындыгында жашоону үйрөтөт.

Марк 1:40 — 45 "Исага бир пес оорулуу адам келип, тизелеп жыгылды да: "Эгерде Сен кааласаң, мени айыктыра аласың" деп жалынды. "Иса боор ооруп, ага колун тийгизди да: "Каалайм айык" деди. Ошол замат пес оорулуу айыгып таза болуп калды. Иса болсо ага: "Эч кимге эч нерсе айтпагын!" деп катуу эскертти да: "Барып, ыйык кызмат кылуучуга көрүн. Тазалануун үчүн, Муса буюрган курмандыкты чал. Бул аларга күбөлүк катары болсун" деп, кетирип жиберди. Ал болсо ал жерден кетти да, болгон окуяны элге жая баштады. Ошондуктан Иса шаарга ачык кире албай, шаардын сыртындагы ээн жерлерде болду. Ошондо да Ага бардык жерден эл келип жатты."

Кыдыр — Иса биз ага баш ийбесибизди билсе да биздин өтүнүчтөрүбүздү аткарат.

Орустар жана чет элдик миссионерлер да Исанын осуяттарын, биздин маданиятты сыйлоону жана биздин шаарлардын динин четке кагышат. Чет элдиктер келип менин элиме жана "Иисус Христостун" айыктыруучу күчүн жарыялашты. Бирок алар Исанын биздин кыргыз маданиятты жана жана диний жетекчилерди сыйлагыла деген осуятына баш ийишпейт. Мунун натыйжасында менин элим Исаны чет элдиктердин Кудайы деп эсептеп калышты. Кыргыздар Исаны табыш үчүн биздин коомдон сыртка чыгып кетип жатышат. Алар Исанын айыгуусун жана ак батасын алыш үчүн өз коомун ташташ керек деп ойлошот.

Эгерде чет элдик миссионерлер менин маданиятымды, биздин молдону, эпосту, ыйык жайларыбызды, майрамдарыбызды, тилибизди сыйлаганда, алар Исаны биздин арабыздан деле табышмак.

- Марк 2:17. "Дарыгер соо адамдарга кереги жок"

Кыдыр дагы оорулуу адамдарга келет; адилетсиздерге. Алар жоголгондорду издөөгө жана жардам берүү үчүн келет. (Жезекил 34, Матай 18:11, жана Лука 19:10). Ал жоголгон козусун издеген койчуга окшош; оорулууларды издеген дарыгерге окшош. Мен жоголгон козу элем, азыр мен табылдым; мен айыктым.

Башка ыйыктар куландан соо адамдарды гана өздөрүнө тартышат.

- Марк 2:18 — 20 Иса өзүн күйөө балага салыштырат.

Кыргыз тилинде колукту дегенге дагы бир башка сөз "жолдош — жолоочунун жолдошу" бар".

"Жолдош" же "Күйөө бала" дагы Кыдырдын башка аттары.

Ал бул дүйнөдө да жана аркы дүйнөдө да биздин өмүрлүк жолдошубуз. (Ышайа 54:5 "Сенин Жаратуу үчүн жана сенин күйөөң". Аян 21:9,10).

- Марк 6:45 — 52 Кыдыр Нарын дарыясынан басып өткөн сыяктуу Иса суунун үстүнөн басат.

Иса тоодон түшүп келип, суунун үстүнөн басат.

Шакирттер Анын ким экендигин тааныбагандыктан аларды коркунуч басты. Алар Аны Рух деп ойлошту, бирок Иса айтты, "Коркпогула, бул менмин."

"Мен ойлойм, биз кыргыздар жөн гана коркуп жатабыз, бирок Иса, биздин Кыдыр, биздин көңүлүбүздү көтөрүп, "Коркпогула бул Менмин деп айтып жатат."

Качан биз, Исаны өзүбүздүн кайыгыбызга түшүргөндө, биздин жашообуздагы жана Кыргызстандагы бороон басылат.

Биздин жүрөктөрүбүз таш болуп калган, себеби менин элим бул нерселерди түшүнүшпөйт.

- Марк 8:1—21 Иса миңдеген адамдарды бир нече нан менен гана тойгузуп коет. Бул керемет аркылуу ал Кыдырдын "жети" деген ыйык санын жана өзүнүн ким экендигин жашыруун түрдө көрсөтүп койду.

Куран Исанын бул кереметтерди жазаганын аныктап жана Курандагы сүрөөнүн атын бул жогорудан келген кереметтин урматына атайт. (Сүрөө 5, Дасторкон).

Биздин улуттук эпосто Манас менен Кыдыр кылгандай эле Иса да адамдардын курсагын тойгузган. (Айкөл Манас 53 бет).

Манас жана Кыдыр жерди керемет менен айдашат жана түшүм алышат. Жана алтүшүмдү ачка болуп жаткан элген бир кулунга алмашып жиберишет. Муса да асмандан эли үчүн нан түшүрөт. Жусуп да буудай менен көптөгөн элдерди сактап калган. Бул окуялар аркылуу биздин Жаратуучубуз бизге эмне айткысы келип жатат?

Ачка болгон элди көрүп Исанын боору ооруду. Ал жети нан менен 4000 адамды тойгузуп, анан андан ашып калган нандан жети себет калдык чогултуп алышат; бул окуянын өзгөчөлүгүн Анын шакирттери түшүнүүлөрү керек болчу, бирок алар түшүнүштүбү же биздин жүрөгүбүз таш болуп калганбы?

Биз кыргыздар нан бул жер үстүндөгү эң ыйык нерсе деп эсептейбиз. Нан бул өмүр. "Бийик жерде турган нанга, куран китептин үстүнө чыгып алса болот, бирок куран китепти алыш үчүн нандын үстүнө чыкканга болбойт" деп айтышат биздин аксакалдар.

Иса менен Жусуп, Муса, Манас жана Кыдырдын кандай байланыштары бар?

Марк 9:2 — 8. Кыдыр — Иса ыйык тоодо. "Бул Менин сүйүктүү Уулум Аны уккула."

Иса жөнөкөй көрүнгөнү менен Ал абдан улуу.

Тоодогу көшөгө сыйрылды (Ышайа 25:5 — 7), жана аз эле адамдар Исанын чындык экенин көрө алышты.

■ Манас эпосундагы Кыдырдай, кыргыз уламыштары жана көптөгөн кыргыздар көргөн аяндардагыдай эле Исанын түрү өзгөрүп аппапак болуп жаркырап калат. (Куран 3:106— 108 "жүздөрү жаркырап калган адамдар")

Бул аят дагы Орто Азиянын уламыштарында жазылгандай Кудай Мусага периштесин жиберип жер үстүндө Мусадан да улуу бирөө бар экенин айтырганын аныктайт. Муса ал адамды табыш үчүн эки суунун башаты болгон жерге барат. Ал жерден Муса ал адамга жолугуп экөө сүйлөшүшөт. Ал адам Кыдыр болгон. Бул аяттардан биз Иса Муса менен сүйлөшкөндүгүн биле алабыз. Куран 4:164 те Кудай Муса менен түздөн-түз сүйлөшкөн деп айтылат. Муса "Кудай биз менен" (Емануел) менен ыйык тоонун үстүндө сүйлөшкөнбү?

Кээ бир Орто Азиялыктар Кыдыр жана Илияс пайгамбар бир деп айтышат. Бирок бул аяттар Иса менен Илиясты айырмалап Кыдыр — Иса, Илиястан улуураак экендигин көрсөтөт.

Иса эң улуу пайгамбар (желек) жолдогу жолоочу. Кандай гана улуу адам, баатыр же пайгамбар Иса менен тоого чыкса, Кудай ага баары бир, "Бул Менин сүйүктүү Уулум, Аны ук" деп айтмак. Ошондо Иса гана бутунда тура алмак.

Бизге Исаны уккула деген осуят берилген.

(Мыйзам кайталоо 18:15; Марк 9:7 жана Жеремия 11:3). Анын жердик болбогон

сөздөрү бизин адамдык кебетебизге ылайыкташылган. Кыдыр — Иса бул Кудайдын Сөзү. Аны адамдар уга алышабы?

Руми айткан, "Суфинин китеби сыя жана тамгалар менен жазылган эмес, бирок ак жүрөк аркылуу жазылган". Иса ак жүрөк, Анын жүзү да жана кийими да ак. Жалгыз гана шайтан булгай албаган инсан (Куран 3:36 — 37). Ал Кудайдын Сөзү.

- Марк 9:37, 41, 42 "Ким бул кичинелердин бирин кабыл алса, мени кабыл алган болот; Мени ким кабыл алса, Мени жибергенди кабыл алат."

Ким Кыдыр — Исаны жакшы кабыл алса, ал адам Кыдыр — Исаны кабыл алып жаткан жок, бирок ал адам аны жибергенди кабыл алып жатат.

Ыйык Кыдырды жакшы кабыл алган адам баталуу; алар Кудайдын өзүнө жолугушат.

- Лука 1:35 "Ыйык Рух сенин үстүнө түшөт"

Исанын табияты кудайлык. Анын каны таза. Ал Кудайдын деминен төрөлгөн Уул. Ал Кыдыр.

Куран Исанын кереметүү төрөлүшүн аныктайт. Куран баардык адамдар, агып чыккан суюктуктан төрөлгөн деп айтат. Жалгыз гана Иса, мүмкүн Адам ата гана Кудайдын деминен жаралышкан.

- Лука 1:78,79 "Биздин Кудайдын мээримдүү ырайымы (Куран 19:21; 57:27), жогорудан бизге нур келди (Куран 97:4): ал бизге жарык берүү үчүн келди (Куран 61:6 — 9) ал караңгыда отургандар жана өлүм көлөкөсүндө тургандарды тынчтык жолуна жетектейт.

(Куран 5:46)

Мен караңгыда жүргөндө Кудайдын назик мээрими менен мага келди.

Ал бизге жарык берип жана чындыкты көрсөттү. Жана бизден жолубуздагы жолдошубуз болууну суранды. (жолдош — күйөө).

Мен өзүм караңгыда болчумун жана азыр Кыдырдын жарыгын билем, ал мени тынчтыктын жолуна жетелейт. Асмандагы менин Жаратуучума ырахмат. Лука 3:4 — 6 "'Теңирге жол даярдагыла; ал үчүн жолду түздөгүлө ойдуңдардын баары толтурулсун ошондо ар бир адам Теңирдин куткаруусун көрөт"

Жакан, Илияс рухта Кыдыр келет деп жарыялашат. Жакан бизге Кыдырга жол даярдап аңгыл-дөңгүл жолдорду түздөгүлө деген.

Биз кыргыздар анын жолун жеңилдетебизби, же Иса жана Анын падышалыгынын келишине тоскоолдуктарды коебузбу?

Куран, Иса баардык адамдар үчүн жышаан болот деп айткан. Лука баардык адамдар Эгебиздин куткарылуусун көрөт деп айткан. Бул ар бир адамга келип жаткан Кыдыр жөнүндөгү биздин окутууга төп келет. Мен биздин байыркы ата — бабаларыбыздын ишенимин сүйөм — себеби ал окутуулар ыйык жазууга абдан төп келет.

Лука 4:5 — 8 Шайтандын баардык адамдардын үстүнөн бийлиги бар. Эгер Иса Шайтанга табынса, ал баардык бийликти Ага берем деп айткан.

Биздин Иса шайтанга да абдан баалуу. Шайтан биздин Кыдыр менен биримдикте болуу үчүн баардык бийлигин бермек. Бул адам ким? Анын ким экендигин мен түшүнө аламбы?

Лука 4:14 — 20, 32 Иса, " Теңирдин Руху Менин үстүмдө"—дейт

Куран да Исанын үстүндө ыйык рух болгон деп айтат (Куран 2:87, 253).

Иса Исламдагы Ыйык Рухтан күч алган аты аталган пайгамбар.

Бул ошол эле, исламдын Тоорат, Забур, Инжил жана Куран деген бардык

китептеринде жазылган "ыйык рух". Алланын аяндары ар баардык китептерге жана аяндарга туура келет. Куран адамдарды Алланын аяндарына ишенбегендиктери үчүн айыптайт. (Куран 2:85).

Исанын сөздөрү адамдарды таң калтырат. Анын сөздөрүндө бийлик бар. Куран Иса бешикте жаткан кезинде эле сүйлөгөн деп айтат. Алла, Исанын сөздөрү бул Кудайдын сөздөрү экендигин биздин билишибизди каалайт.

Иса Мухамбет же Пабыл сыяктуу жаңы дин баштаган эмес. Иса айыктыруу жана бата берүү үчүн келген; ал сүйүнчү кабар таратуу үчүн тандалган жана майланган. Ал адамдарга айыктыруу үчүн келет.

- Лука 11:20 "Эгерде мен Кудайдын күчү менен жиндерди кубалап жатсам, анда Асман Падышалыгы силерге чейин жетти."

Иса көптөгөн кыргыздардан жиндерди кубалап чыгарган. Кудайдын падышалыгы келди. Кимде ким Исанын биздин алкаде болушун каалабаса ал адам, менин элиме жакшылык каалабайт. Иса көптөгөн адамдарды айыктырган жана бата берген; Alibek, Nurbek, Gulzat, Kuban, Ainagul, ж.б, эмне үчүн менин элим аны биздин **алкаде** болушун каалабайт? Ал бизге жакшылык гана кылат.

- Лука 14:7— 11 "Конокко чакырылгандардын ордун тандап, төргө

өткөндөрүн байкаган Иса аларга мындай үлгү — насаат айтып берди: "Сени бирөө үйлөнүү тоюна чакырса, барып, төргө отуруп алба. Чакырылгандардын арасында сенден да сыйлуу конок болушу мүмкүн. Сени да аны да чакырган конок ээси келип, сага :

"Бул кишиге орун бошотуп берчи", деп калса уялганыңдан босого жакка отурууга аргасыз болосуң. Бирок коноко барганыңда, босого жакка отур, чакырган киши өзү келип, сага: "Досум жогору өт!" деп айтсын. Ошондо башка коноктордун алдында сенин

беделиң көтөрүлөт. Анткени өзүн өзү көтөргөн адам басынтылат, ал эми өзүн басынткан адам көтөрүлөт."

Биз кайрадан Исламдын дасторконуна келүүбүз абзел. Биздин молдолор жана имамдар Исламдан сыйлуу орундарды алып алышкан, бирок Куранда Алла алардан да улуу бирөөнү жогору көтөргөн деп жазылган: "Алла Исаны башкалардан жогору койгон" (Куран 2:253); "Алла кубанычтын кабары болгон өз сөзүн берген, Машаяк, Иса, Мариямдын уулу, бул дүйнөдө да жана келээрки дүйнөдө да данкталган" (Куран 3:45); жана Алла Исага айтты, "Мен сени өлтүрүп кайра өзүмө алам, сенин акаратчыларыңдан куткарам. Сени ээрчигендерди сени четке каккандардан жогору коем" (Куран 3:55).

Иса Исламдагы эң момун пайгамбар, бирок Алла аны жогору көтөрдү.

- Лука 18:35 — 43 Кыдыр— Исаны Дөөтүн Уулу катары тааныган бир адамдын өтүнүчүн Иса аткарып берет (Жезекил 34:23, 24).

Бул адам Исага, Жакып Кыдырга кандай жабышса так ошондой жабышты.

Иса менин дагы көптөгөн өтүнүчтөрүмдү аткарып берди; Ал мен аркылуу таятамды Улан жездемди айыктырды; Ал биздин бул жылкы түшүмгө берекесин берди; сабактарымды пара бербестен эле бүтүрүп берди; жана ал өзүнүн ким экендигин ачып берди; ал Иса, Кыдыр. Рахмат, Баарынан мээримдүү Алла.

- Лука 19:1 — 10 Захкей Кыдырды тосот.

Кыдыр — Иса, адам уулу, жоголгонду издеп жана аларды куткаруу үчүн келди. Жезекил 34 жана 36 да жазылган сөздөр аткарылып жатат: Кудай өзү жоголгон козуларын чогултуп жатат.

Захкей Исаны жакшы тосту, ага ылайктуу жооп иретинде, Кыдырдын ак батасын алды.

Лука 19:11 — 27 "Ак сөөк тукумунан бир адам падышалыкка дайындалып келүү үчүн, алыскы бир өлкөгө жөнөмөкчү болот. Жердештери болсо аны жек көргөндүктөн, артынан элчилерди жиберип: Анын бизге падыша болушун каалабайбыз деп айттырышат."

Бизде мындай бир жомок бар: Качан Кудай бардык элдерге жер бөлүштүрүп берип жатканда, кыргыз уктап жаткан болот. Качан менин элим ойгонуп Кудайга барып жер сурайт, бирок Кудай жердин баарын берип койгондугума байланыштуу жер жок деп жооп берет. Кыргыз кетпей жер сурап туруп алат. Акыры Кудай ойлонуп туруп азыркы Кыргызстан болгон өз жерин (дачасын) берген экен.

- Кудайдын уулу бул жердин чыныгы мурасчысы. Ал алыскы жерге, асманга кеткен. Кудай Исаны майлаган (тандаган). Иса шайтанды жана “Адамга" табынбагандардын баардыгын талкалаш үчүн келет. Андан кийин Иса Алланын элин жетектейт.
- Кыдыр — Иса көптөгөн өзүнүн атуулдары аркылуу жек көрүндү болгон адилетүү Кудай. Ал атуулдарга Манастын уруусу жана башка көптөгөн Орто Азиялыктар кирет. Лукадан жазылган бир окуяда Иса бүгүнкү күндү алдын ала айтып койгон.

Матай 21:33 — 45 Кудайдын бакчасы (дачасы). Кудайдын дачасында жашаган адамдар Кудайдын элчилерин кабыл албай жатышат. Кыргызстан жөнүндөгү так пайгамбарчылык ушул.

- Куран 2:87 "Биз Мусага жазууларды бердик жана анын артынан элчилерди да жибердик. Жана Мариямдын уулу Исага ачык далилдерди бердик жана аны ыйык рух менен колдодук. Силерге элчилер келген сайын, силер аларды укканды каалабайсыңар; аларды четке кагасыңар. Аларды жалган пайгамбар деп атап кээ бирин өлтүрөсүңөр."
- Манастын уулу Семетейдин да окуясы так ушундайча болгон. Менин ата — бабаларым да биздин чыныгы падышабыз Семетейди кабыл албай коюшкан. Бул мүнөз да бүгүнкү күндө мурас болуп биздин табиятыбызда жашап келет.
- Забур 21:13 "Башандын семиз өгүздөрү мени курчап алышты." Биз Исаны шылдыңдадык.

Иса кайра келет. Ал Кыргызстанда падышалык кылат. Буга талаш жок. Биздин молдолор жана көптөгөн адамдар Аны четке какса да, келечекте Аны таанып алышат.

• Лука 19:28 — 40 Эгерде Кудайдын эли унчукпаса анда таштар Исанын Падышалыгы жөнүндө жарыялашмак.

Орто Азиялыктар Машаякты таанышпаса да биздин маданиятыбыз Аны таанийт. Биздин маданият жана уламыштар Аны таанып жарыялап жатышат. Ысык — Көл жана Токмок шаарындагы Буранада Исанын курман болгонун далилдеген таштар менин элиме жарыялап келет. Ромео, Токмоктун Буранасындагы айкаш жыгач чегилген таштар эсиңдеби? Бул аят ошол таштар жөнүндө айтып жатат го деп ойлойм.

• Лука 19:41-44 (Матай 21:1 - 11, Марк 11:1-11) Жолоочу Иса, эшек минип, Аны таанбай жана жакшы кабыл албай талкалангандары карап алып ыйлап турат.

Биздин мусулман салттары боюнча эшектин жонундагы кара узун так, пайгамбардын көз жашынан калган так деп айтышат. Мен ыйык китептерден, эшек минип алып элдин күнөөсү үчүн ыйлаган бир эле пайгамбарды билем; Ал Кыдыр — Иса.

Бүгүнкү күндө да, көптөгөн картаң кыргыздар эшек минген адамдын күнөөлөрү жуулуп кетет деп айтышат. Ылайым биздин карылар чындыкты таанып, түбөлүктүү Кыдыр менен бир жол жүрүп ак кийинип калышсын (Аян. 19:14, Жакан 12:26 жана Аян. 3:4-6).

Руми, "Иса сенин маңдайында отурат, бирок акылсыз болбой Анын эшегинин туягына кызмат кылабызбы же жокпу аны биз чечебиз" деп айткан экен. Мен жашап жаткан муун ошол акылсыздыктын туткунунда жүрүшөт. Чындыкты бизге бер.

Биздин түбөлүктүүлүкө барабызбы же барбайбызбы бул биз Исаны тааныганыбыздан болот. Аял, күйөөсүнүн анын чачынын жаңы жасалгасын же жаңы алган нерсесин байкашын каалайт. Эркек болсо анын кылган иштерине көңүл буруусун каалайт. Кудай адамзаттын өзү тандап алган Машаягын тааныганын каалайт,

- Лука 20:18 "Куруучулар жаратпай койгон таш бурчтун негизи болуп калды."

Иса, четке кагылган пайгамбар биздин улуттук өнүгүүнүн негизи болуп калды.

Иса, четке кагылган тычтык түзүүчү, эл аралык тынчтыктын жалгыз гана үмүтү болуп калды. Ансыз биз курган нерселердин бардыгы тең акыры түбү урайт.

- Лука 24:1 — 43 Эмаус жолу

Иса жолоочунун жолдошу, ал өз жолдошторун жол жүргөндө дайыма коштоп жүрөт.

Ал биринчи көргөндө таанылбайт.

Ал жолго чыккан адамдын жолуна бата берет.

Кыргыздар нанды кандай сындырса Ал да нанды так ошондой сындырат.

Андан кийин ал Манаска батасын берип анан көздөн кайым болгон Кыдырдай болуп көздөн кайым болот.

Исанын да Кыдырдыкындай эле денеси бар, бирок Жакан 20:24 — 29чу аяттарда Анын денеси дубалдардан да өтө алаарын көрөбүз. Иса денеде келгенде да Анын колунан Кыдыр экендигин тааный ала турган белги бар. Анын денеси эмнеге окшош? Мен бул өлгөндөн тирилген Исаны түшүнүүнү каалайм.

Лука 24:49 — 51 Кыдыр — Иса, өзүн жакшы тоскондорго Кудайдан келген бата берет (ыйык рух) жана асманга көтөрүлүп кетет.

Бул Башталыш 17:22 аятка окшош. Кыдыр Ыбрайымга уулдуу болосуң деп убада бергенден кийин асманга көтөрүлүп кетет.

Кыдыр түбөлүк өмүр берүүчү. Ал Манаска өмүрдүн чапанын тартуулайт.

Бир жолу Манас түш көрөт. Түшүндө анын кереметтүү кылычы бар болот. Ал кылыч Манастын чет элден келген Алмамбет досун түшүндүрөт. Себеби Алмамбет Манаска жардам берип жана ага шык берип турган. Кудайдын Руху жана Кудайдын сөзү да кылычка салыштырылат (Эфестиктер 6, Эврейлер 4:12), ишенгендерге жардам берүүчү (2 Тиметей 3:16).

Жакан 1:1 "Башында сөз Кудайда болчу."

Жакан 1:3 "Бардыгы ал аркылуу жаралган (Кудайдын Сөзү), жана ансыз эч нерсе жаралган эмес".

Бардыгы Кыдырга, Кудайдын Сөзүнө байланыштуу (Куран 4:171). Ошондуктан Иса менин жүрөгүмө күчтүү таасир калтырды. Ал менин рухумду жаратты. Ал мени башка пайгамбарлардан да, окумуштуу жана философтордон да жакшы билет.

Биз кыргыздар Кыдыр адамга өмүрүндө бир эле келет деп айтабыз. Ал биздин жараланган жүрөктөрдү айыктыруу үчүн, биздин тагдырыбыз үчүн жана бизди

Жаратуучубуз менен элдештиргени келди.

Жүндүн "топтун абийири" деген изилдөөсү мүмкүн ушул аятка негизделсе керек.

- Жакан 1:11,12 "ал өзүнүкүнө келди, жана өзүнүкү Аны кабыл алган жок."

Биз эмне үчүн чет элдик жетекчилерди кабыл алабыз да өзүбүздүн пайгамбарды кабыл албайбыз?

- Жакан 1:14 "Сөз адам болуп биз менен жашап турду. Биз анын даңкын, Атанын жалгыз уулунун даңкын көрдүк, ал ырайымдуулук менен акыйкатка толо эле".

Жараткандын Сөзү дене кийип бизге келди.

Биз чет элдик сыйынууларды үйрөнүп алып, жана алардын окутуулары боюнча туура сыйынуу аркылуу Кудай менен жолугууга аракет кылабыз. Бирок Жараткан Кудай менин элимдин эмне кылуусун каалайт?

- Жакан 1:42 Кыдыр —Иса Шымонго Петир деген жаңы ат берет.

Кыдыр эпосто "Чөгө" деген атты "Кутубий" деп өзгөртөт. (Матай 16:16-20).

Тооратта Кудай үч адамдын атын өзгөртөт; Ыбрайым, Сара, жана Жакып. Инжилде Кыдыр — Иса дагы үч адамдын атын өзгөртөт; Петирге, Жүйүт жана Жакан. Ал аларга Шыман жана чагылгандын уулдары деп ат коет. (Марк 3:16, 17).

- Жакан 3:13 "Асмандан келген адамдан башка эч ким асманды көргөн эмес".
- Жакан 4:1—42

**Кудуктагы аял**

Айылга жолоочу келет. Ал белгисиз. Анын жолдоштору аны кудуктун жанына таштап шаарды көздөй кетишет. Ошондо кудукка бир аял келет. Ал аялды сөзгө тартат. Ал жолоочуну таан响байт. Акыры Иса ага өзүнүн өмүрдүн суусу экендигин айтат, өмүрдүн суусун жалгыз гана Кыдыр тапкан. Аял болсо өзү турган Жакыптын кудугу жөнүндө айтып жатат деп ойлойт. Ал аял тирүү суудан ичтиби? Иса ага алардын атасы Жакыптан улуу адам, Машаяк бул жерде турганын ага ачык түшүндүрөт. Бул самариялык аял тирүү суудан ичип жана бүткүл айылга сунуш кылат. Адамдар Кыдырды кабыл алышып, анын жакшылыгынан даам татышып аларды коркунуч басат.

Тирүү суу түбөлүк өмүр берет. Исанын сөздөрү мүрөктүн суусу, туурабы?

Иса бул мүрөктүн суусун кантип тапты? Иса аны географиялык жерлерден эмес, рухта жана чындыкта издеп жатып тапты. Мен да мүрөктүн суусун ал жактан тапкам.

Куран 18 де Муса Кыдырды эки суу бириккен жерден тапкан деп жазылат.

- Жакан 5:40 — 44 "өмүр алуу үчүн мага келүүнү каалабайсыңар. Мен адамдардан даңк албаймын."

Адамдардан кадыр барк алгысы келген адам Исага келбейт. Аларда өмүр жок.

- Жакан 6:44,45 "Атам чакырбаса мага эч ким келе албайт", "жана аларды Кудай үйрөтөт."

Адам аларды окутпайт, бирок Кудай аларды окутат. Кудай биздин ортобузда, Ал Кыдыр деген Инсан аркылуу бизди окутуп жатат.

- Жакан 7:32 — 36 "Мени издейсиңер жана таппайсыңар".

Кудайдын балдары катары, биз кыргыздар Кыдырды бүт жүрөгүбүз менен издедик. Биз Кудайдан аны бизге жиберүүсүн сурап сыйындык. Биз аны таң атканда күттүк. Курман айт күндөрү күтүп келдик. Бирок эч ким Кыдыр — Исаны издеген жок.

Шайтан да Исаны биздин алыстаткысы келди. Бирок Иса өзүнүн эски душманын жеңип жатат. Жана Кудай биздин балалык сыйынууларыбызга жооп берип жатат.

• Жакан 8:51 "эгер ким менин сөздөрүмдү аткарса ал эч качан өлүмдү көрбөйт..."

Бул Кыдыр Манаска берген коргонуу чопкуту — "адилеттүүлүк чопкуту" (Ышайа 59:17, Римдиктер13:12, Эфестиктер 6:13,14).

Менде бул коргонуч бар; мен аны сезем. Мен өзүмдөгү жаңы өмүрдү да сезем.

• Жакан 8:58 Иса айтат, " Ыбрайымдан мурун Мен бар болчумун."

Иса жөнөкөй адам эмес.

• Жакан 12:26 "Ким мага кызмат кылууну кааласа, ал мени ээрчүүсү керек. Мен кайда болсом менин кызматчыларым да ошол жерде болот."

Иса бизге жолдон келет. Ал бизге өз тилибизде, биздин салттарыбыз аркылуу, Кыдырдын кебетесинде сүйлөйт. Бирок биз Анын жолуна түшүп, Аны ээрчиш үчүн жеткилеңдикке жетишибиз керек. Биз да Анын жолдогу жолдошу болушубуз керек.

• Жакан 12:34 Жүйүттөр айтты, "Машаяк түбөлүк калат."

Байыркы алдын ала айтуучу даанышман адамдар гректерге жана жүйүттөргө Кыдыр — Машаяк жөнүндө билим беришкен. Алар Машаяк түбөлүк жашаарын билишкен. Манастын тукуму да бул билимди азыркы күнгө чейин сактап келе жатат. Ошондуктан бизде бул Машаяк жөнүндө абдан көп билим жана маалымат бар.

• Жакан 13:36 "Мен бара жаткан жерге сен азыр бара албайсың, бирок кийин барасың".

Иса биздин асмандык "жолдогу — жолдошубуз". Биз аны ээрчип асманга барабыз.

• Жакан 14:4 — 9 " Мен жолмун, Мени ким көрсө ал атамды көрдү"

Куран 22:24 "Алар даңктуунун жолуна жетектелгендер."

Иса, даңктуу, ал жол, даңкталгандын жолу.

• Жакан 16:2,3 "Алар силерди синагогаларга алып барышат (мечиттер, жыйындар, ж.б). Ооба, силерди өлтүрүшөт жана ошол аркылуу Кудайга кызмат кылып жатам деп ойлошот. Алар муну Атаны жана Мени таанымбагандыктан кылышат."

Имам мени менен так ушундай кылды. Муну ал Кудайга кылды, бирок ал өзү Кудайды таанылбайт дагы.

Эгер менин элим Кыдыр — Исаны таанымбаса, биз атаны таанылбайбыз. Ошондо биз Алланын чыныгы мусулманчылыгын бузуп, биздин динибиз бузулган дин болуп калат. Түштүк Ирландия менен Афганистандын тагдыры так ушундай болгон. Алар Исанын эшегине кызмат кылышат (Руми), бирок алар чыныгы Исага кызмат кылышпайт. Алар аны пайгамбар деп аташы мүмкүн, бирок алар Кыдыр Исаны таанышпайт, алардын дини өлүмгө жана талкаланууга алып келет; жана алардын айыбынан көптөгөн айыпсыз адамдар өлүшөт.

• Жакан 16:24 "менин атымдан сурагыла анан силерге берилет."

Орто Азиянын Кыдыры да каалоолорду аткарат. Мен өзүм да таятам сыяктуу эле абдан көп өтүнүчтөрүмө жооп алгам.

• Жакан 20:1 — 18 Магдалалык Мариям. Иса даңкталган.

Анын денеси, биздин замандагы Кыдырда болгон дене.

• Жакан 20:19 — 23 Шакирттер бөлмөдө камалып алып отурушкан.

Кыдыр Иса дубал аркылуу өтүп алардын арасына туруп калды.

Кыдыр үчүн эч кандай чек жок. Ал дубалдар жана диний бөлүнүүлөр аркылуу да өтө алат. Ал убакыттарды, география, уламыш, ыйык китептер, политика, тарых жана башкаларды да бөлүп өтө алат.

Ошол жараланган кол, биздин жүрөктөрүбүздүн бардык дубалдары аркылуу өтүп биздин жүрөгүздүн тереңиндеги жараатарды айыктырат.

Ал менин бөлмөмө кирип келип менин боорумдан таш алып жана жүрөгүмдөгү жек көрүүнү алып таштаганда менин жүрөгүмдө абдан чоң таасир калган.

- Жакан 20:24 — 29 "Тома, колуң менен менин колдорумду текшерип көр жана ишенбеген адам болбой ишенген адам бол."

Кыргыз салтынын айтуусу боюнча алакандын жумшак жери (же бармагы) Кыдырдын тааный турган белгиси.

Аскар Томаны Чыгыштын элчиси болгон деп ишенет. Аскар бизге кантип Исаны колундагы тешиги аркылуу таанууну үйрөткөн.

Дүйнөдөгү көптөгөн сүрөтчүлөр Исаны колундагы жарааты менен тартышат. Бул анын ким экендигин, сүйүүсүн жана адамзат үчүн болгон курмандыгын билдирген белги. Бул белги Томага жана мага Иса биздин Кыдыр экендигин таанууга жардам берген.

Биз жашообузга Кудайдын ак батасын жана Кудайдын жашыруун күчүн алдык (Хабакук 3:4).

Кыргызстанга келгиле; Исанын колун көргүлө. Ал биздин Кыдыр. Шектенүүнү токтоткула. Ишенгиле!

- Эл. иштери 7:55, 56. "Мына, мен асмандын ачылганын жана Кудайдын оң колунда турган Исаны көрүп жатам."
- Эл. иш 9:1 -19, Эл. иш 22:4-21, Эл. иш 26:19-23 Иса -Кыдыр көптөгөн кыргыздарга көрүнгөн сыяктуу эле Пабылга да көрүнөт.

Бул дагы Манас эпосундагы Жакыптын түшүнө окшош (Башталыш 28:10).

Манас бала кезинде өзүнүн жолдоштору менен карышкыр кубалашат. Ошондо Кыдырга жолугат, Кыдыр ага батасын берип Манаска ок өтпөс чопкут берет да Манасты түбөлүк жашайсың деп айтат. (Айкөл Манас 34 — 35 беттер) Бул Кыдыр Ыбрайымга Мелхиседех чоочун көрүнгөн сыяктуу Манаска да чоочун жана бийик көрүнөт.

Исанын Арстандан козу жана койчунун кебетесине айланганын; наристеден падышага жана башкы ыйык кызматчыга өзгөргөнүн; байкуш жолоочу устатка жана ыйык тоодо данкталган Кудайдын уулуна өзгөргөнүн; кылмышкерден сотко; өлгөндөн тирүүгө; жеңилгенден жеңилүүгө айланганын; байкуш, ыйлаган, эшек минген жолоочу пайгамбар асмандык ак ат минген жеңүүчү аскерге өзгөргөнүн байкагыла. Ал Кыдыр Алейки Салам, Орто Азиянын эң улуу пайгамбары.

- Эл. иштери 10:38 — 43 "Өлгөндөн тирилгенден кийин Ал биз менен ичип жеди."

Бул Башталыш 18 — бөлүмгө кайрылуу. Ыбрайым Кыдыр менен чогуу тамак ичкен.

- Эл. иштери 13:35 "өзүңдүн ыйыгыңдын чирүүсүнө жол бербейсиң..."

Кыдыр түбөлүк жашайт; анын денеси чирибейт. Имам жана биздин молдо да Иса түбөлүк жашайт жана сот күнүндө кайра келет деп айткан.

Ал мүрөк суусунан ичкен. Азыр ал мүрөк суудан биз да ичишибиз үчүн бизге сунуш кылат.

- Эл. иштери 15:16 "Мен кайра келип Дөөттүн кулаган чатырын кайра тургузам"

Бул да Исанын кайра келүүсү болуш керек. Бул биздин кыргыз үйүбүздү кайра тургузуучу Иса; ал биздин талкаланып калган байыркы ишенимибизди кайра ордуна келтирип жатат. Биздин боз үйдү, орустардын же батыштыктардын эмес, чыныгы

кыргыздын Кудайга табынуу чатырын ордуна келтирип жатат. Биздин Исадагы ишенимибиз бул христиандардыкы, жүйүттөрдүкү же арабтардыкы эмес. Бул нукура кыргыздыкы. Ылайым Кудай биздин байыркы ишенимибизди ордуна келтирсин.

- Рим 5:15, 18 "бардык адамдарга келген."

Биз ал ар бир адамга жолугат деп айтабыз.

- Рим 8:26,27 (16,23) Кыдыр бизди жашообузду эле жетектебестен, Ал бизди жандын саякатына (1 Жылнаама 28:9, Аян. 2:23, Забур 50:5,9) жана Кудайдын сүйүүсүнө да жетектейт.
- Рим 10:8 "Сөз силерге жакын, ал силердин оозуңарда жана жүрөгүңөрдө бул ишенимдин жана биз жарыялаган сөз"

Бизде кыргыздардын өзүбүздүн маданиятыбызда ишенимдин көптөгөн мисалдар бар. "Биздин оозубузда жана жүрөктөрүбүздө "Сөз" бар."

■ Биз оозубуз менен, "жолдошуң Кыдыр болсун" деп айтабыз.

"Биз дагы, "Кымбатым, кагылайын" деп айтабыз.

■ Биз дагы, "Кыздын баласындай" деп айтабыз.

■ Биз дагы, "өлүп-тирил" деп айтабыз.

■ Кыдыр Манаска батасын берип жана сот күнү анын периштелери Манаска жардам берет деп убада кылат. Манас өзү бейишке кирүүгө татыктуу эмес; ага Кудайдын жардамы керек. Бул нерселер биздин тилибизде жана биздин жүрөктөрүбүздө.

Ишенимдин сөзү биздин маданиятыбызда; биздин кыргыздардын оозунда. Бул четтик эмес. Кыдыр Иса кылымдар бою биздин жүрөктөрүбүздө жана оозубузда, маданиятыбызда жашап келген. Иса биздин пайгамбар.

- 2 Корунтуктар 5:19 "Кудай Исада дүйнөнү өзү менен элдештирди, алардын күнөөлөрүн эсептеген жок."

Кудай Кыдырдын ичинде болчу.

Машаяк — Кыдыр аркылуу, адамзатка капа болгон Кудай өзүн капа кылган адамзатка кучагын кенен жайды.

Кудайдын жайылган кучагына кирген адам ырайым таап Кудай менен элдешүүгө ээ болот.

- Галаттыктар 2:4,5 "Ал эми биздин Иса Машаяк аркылуу ээ болгон эркиндигибиз жөнүндө билип алышып, бизди кулга айландырыш үчүн, жыйынга жашыруун түрдө кирген жалган бир туугандарга бир азга да макул болгон жокпуз, көнгөн жокпуз. Жакшы кабарды силерге сакташ үчүн ошенттик".

Орус христиандар, славяндар так ушундай кылып жатышат; алар эгер мен Исага ишенсем сөзсүз түрдө христиан болушум керек деп айтышат. Алар менин маданиятым жөнүндө өтө жаман нерселерди айтышат. Алар мени чет элдик ишенимдерге баш ийип бизди ошолор менен жашагыла дейт. Мен бул христиандык салтка баш ийип, бир мүнөткө да кул болбоймун. Жакшы кабардын чындыгы менин элиме жетүүсү керек.

- Галаттыктарга 3:13,14 "Машаяк Ыбрайымдын батасы элдерге келүүсү үчүн биз үчүн каргышка калып бизди каргыштан куткарды".

Бул аяттын мааниси абдан терең. Мунун мааниси кандай?

Кудай Исаны жазалады. Аны өлтүрдү (Куран 3:55). Машаяк жазаланды, бул аркылуу элдер Ыбрайымдын батасына ээ болду.

- Галаттыктарга 5:1,2 "Машаяк бизге тартуулаган эркиндикте жашагыла, кайрадан кулчулдуктун моюнтуругун кийбегиле. Мен муну Пабыл силерге айтамын:

эгерде силер сүннөткө отургузула турган болсоңор, анда Машаяктан силерге эч кандай пайда жок."

Слава эгерде мен Исага ишенсем анда мен христиан болушум керек деди. Бирок христиан деген сөз жөн гана сүннөт деген сөз сыяктуу диний термин. Ушул сыяктуу диний терминдер бүгүнкү күндө адамдарды байлап кишендеп жатат. Иса мени эч качан христиан бол деп айткан эмес. Иса мени боштондукка чыгарган. Ал менин рухумдун жетекчиси жана менин жолдошум.

Иса өзү эч качан христиан болгон эмес. Иса өзүнүн динин өзгөрткөн эмес болсо эмне үчүн мен динимди өзгөртүшүм керек?

Мен кыргыздын өзүнүн ишенимин сүйөм. Мен Исанын батасына өзүмдүн жергиликтүү ишенимим аркылуу эле ээ болом. Христиан салттарына караганда, биздин кыргыздын салттары Алланын китебине жакыныраак. Эгерде Слава биздин элди сүйсө, биздин тойлорду изилдеп көрүп биздин акылмандыкка толгон макалдарды окуса Кудай жана ишеним жөнүндө көбүрөөк үйрөнмөк.

Галаттыктар жүйүттөр эмес болсо да Исаны ээрчишкен. Слава мени христиан кылганга аракет кылган сыяктуу эле кээ бир чет элдик Исага ишенгендер да Галаттыктарды жүйүт кылгылары келишкен. Бирок Иса эч качан гректерди жүйүт кылайын деген эмес. Ошол сыяктуу эле Иса кыргыздардын христиан болуп кетүүсүн каалабайт. Алла жөн гана менин Исанын жолдорун билүүмдү жана ал жолдор менен түбөлүк жүрүүмдү каалайт.

Эгерде дин, диний жетекчилер, же башчылар кыргызды айыктыра алса анда Кудай бизге Исаны жибермек эмес. Дин бизге эч нерсе бере албайт. Кыргыздар динчил болгон убакта алар үмүтсүздүккө түшүшөт. (Жусуп Баласагын жана Курманжан датка жашаган кылымдар).

Мен Исаны сүйгөндүктөн христиан болуп кеткен бир кыргызды билем. Бирок ал азыр диндин системаларына ушунчалык берилип кеткендиктен Кыдыр — Исаны да ээрчибей калган. Ал диний эрежелер жана чет элдик пасторлорду ээрчип, рухтун жетегинде боло албай калган. Ал дагы кыргыздын жакшынакай салттарын, Манас эпосун жана куранды жамандап жүрөт. Ал арабдарды ээрчиген адамдар сыяктуу эле акылы кыска адам. Иса андай болгон эмес, мен да ал адамдай болбоймун. "Кыдыр Иса мага берген эркиндикте мен бекем турам."

Мен эч кандай кишенге түшпөстөн эле Иудаизм, Машаякчылык, Ислам жана жергиликтүү ишенимдин чындыктары менен ырахаттанам. Мен эркиндикти сүйөм.

- Галаттыктар 5:16 — 26 "Рухтун жемиши"

Бул Орто Азиялыктар сыйлаган касиеттер.

- Эфестиктер 1:19 — 22 "Кудай ушул бийлиги бар күчү менен Машаяк аркылуу бул нерселерди кылган: Машаякты өлгөндөрдүн арасынан тирилтип, асманда өзүнүн оң жагына отургузган; Аны бардык башчылыктан, бийликтен, күчтөн жана үстөмдүктөн, ошондой эле азыркы мезгилде гана эмес, келечекте да атала турган бардык ысымдардан жогору койгон; бардыгын Анын бут алдына багындырган жана Аны бардыгынын үстүнөн, жыйындын башчысы кылып койгон. Жыйын анын денеси, бардыгын бардык жактан толтуруучунун толуктугу".

Ал падышалардын падышасы, пайгамбарлардын жана бардык ыйыктардын, молдолордун, поптордун, суфилердин, спиритистердин, имамдардын, арачылардын, шамандардын, гурулардын, геройлордун, президенттердин, ж.б башчысы.

Чыныгы фундаменталист Ислам биз ишенимибиздин негизин өз динибизге

негиздебесек дүйнө менен тынчтык таппайт.

"Алла Аны (Исаны) башкалардан жогору койду" (Куран 2:253).

• 1 Тиметей 3:16 "Кудай денеде келди".

Бул эң сонун аят. Алла инжилди өзүнүн ыйык китеби катары кабыл алуубузду буюрат. Инжил аркылуу Алла мага абдан көп сүйүү көрсөттү. Рахмат.

• Эврейлер 1:12 "Исанын жылдарынын аягы жок."

Кыдырдын падышалыгынын аягы жок. Ал түбөлүк жашайт.

• Эврейлер 2:16, 17 " Ал бардык жагынан бир туугандарына окшош болуусу керек болчу"

Кыдыр — Иса бардык жагынан бизге окшош болчу.

• Эврейлер 5:9 — 11 "Жеткилеңдикке жеткен Ал өзүнө моюнсунган адамдардын баары үчүн түбөлүктүү куркарылуунун булагы болуп калды. Кудай тарабынан Ага Мелки Седек даражасындагы башкы ыйык кызмат кылуучунун наамы берилген."

Иса даңкталгандан кийин Ал Кыдырга айландыбы же ал Кыдырдын ордуна машаяк — пайгамбар болуп калдыбы? Иса таптакыр башка топко тиешелүү инсан.

Нурбек бул тема боюнча мени менен абдан көп талашты. Ал Исаны Кыдыр эмес бирок ал жөн гана пайгамбар деп ишенет. Ал бардык пайгамбарлардын ирети бар деп айтат. "Мухаммед эски эрежелердин мөөрү болчу", —дейт ал. Иса менен Кыдыр жаңы денгээл ачышты, бул деңгээл адамдын диний иштери боюнча эмес Алланын мээрими аркылуу иштейт.

• Эврейлер 7:11

Эгерде жеткилеңдик Шарият, иштер жана өлө турган пайгамбарлар аркылуу келсе бизге Кыдырдын батасынын кереги жок болмок. Бирок Шарият мыйзамынан кийин келген эпос бизге шарияттан да жогору турган бата, Кыдырдын батасы керек экендигин көрсөтөт. Эгерде андай эмес болсо биздин Манас баатырга да Кыдырдын батасынын кереги жок болмок.

Иса пайгамбарлардын бардыгынан өзгөчөлөнүп таптакыр жаңы ирет жана деңгээл алып келген.

• Эврейлер 8:1. "Биздин Кудайдын оң колунда отурган башкы ыйык кызматчыбыз бар".

Иса Алланын күчтүү оң колу.

• Эврейлер 9:8—15.

Биз кыргыздар Мекедеги Кабада болбогондон кийин, шариятта жазылган жуунуу жана башка шарияттагы осуяттар биздин акталышыбыз үчүн жетиштүү эмес экендигин ыйык рух көрсөтүп жаткан сыяктуу. Кудайдын үйүнө кирүү үчүн биз Аны менен достошушубуз зарыл. Бул достук Кудайдын достук үчүн сунган колун кабыл алгандарга гана тиешелүү. Бул достук сунушу биздин эмес бирок Кудайдын шарттары менен болот. Биз Анын Кыдыр — Иса болгон Кудайдын Сөзүнүн чакыруусун кабыл алуубуз абзел.

• Эврейлер 9:15. Иса —Кыдыр бул арачы.

Ал мени мээримдүү Алла менен элдештирди.

• Эврейлер 10:29 жана 2:1—4 "Эгерде ушундай улуу куткарылууну барктабасак анда биз кантип куткарылабыз?"

• Эврейлер 13:2. "Жолоочуну кабыл алгыла" алардын бири Кыдыр болуп калуусу мүмкүн.

Биздин Кудай конок деген салтыбыз Башталыш 18, бөлүмдүн негизинде чыккан.

- Шетир 2:12 "Аян болгон күн."

Мен бүгүнкү күн Кудай Кыргызстанга келе турган убакыт деп ойлойм.

Мүмкүн бүгүнкү күн бардык мусулман тоолоруна Кудайдын келе турган убагы. Бардык мусулман тоолору сыноо убактысында турган сыяктуу: Кашмир, Курды, Афган, Тажик, Кыргыз, Косово Албандар, Чечендер бардыгы ийгиликсиздик жана айып алдында турушат. Кайсыл тоонун элдери эр жүрөктүүлүк кылып биринчи жаңы нерсени байкап көрөт болду экен? Жер жүзүндө Кыдыр караңгылыктан жарыкка жетелеп чыга ала турган эл бар болду бекен?

Бүткүл Аян китеби Кыдыр Машаяк Исаны көрсөтүп жаткан сыяктуу.

- Аян. 1:14 Анын башы жана чачы жүндөй жана кардай аппапак, көздөрү болсо оттун жалынындай.

Марк 9:2 — 8 жана Куран 3:106—108 чи аяттарды окугула.

Качан Кыдыр Орто Азияга келгенде, так ушундай кейип кийип келет.

- Аян 1:4 — 20 жана Аян. 3:1 жана 4:5 жана Аян. 5:6 — Жети

Биз кыргыздар Кыдыр жетинин бири деп айтабыз. Бул аяттардан канча жолу Иса "жети" деген санга курчалып жүргөнүн карагыла.

Бул аяттардан биз дагы Кыдыр — Иса, биз жогоруда кайрылган аяттарга караганда өзүн башкача түрдө көрсөткөндүгүн көрө алабыз.

Иса асманда экендигин ар бир мусулман билет, бирок биз анын асмандагы даңкына жана урматына да көңүл бурушубуз зарыл. Эгерде биз ал татыктуу болгон даңкты ага бербесек уят болот. If we don't give him the honor he deserves, we will be shamed.

- Аян 2:1-7

1 аят: "Оң колунда жети жылдыз кармап турган, жана жети алтын шамдалдын арасында басып жүргөн Теңир мындай дейт"

5 аят: "Эгерде тобо кылбасаң Мен келем жана"

- ■ Ал биз күтпөгөн убакта келе турган жолоочу пайгамбар.

Биз дайым даяр болушубуз керек.

7 аят: "Жеңүүчүлөргө Рух эмне дегенин уккула, Мен сага Кудайдын бейишинин ортосундагы өмүр дарагынан жедирем."

Кыдырдын Эмур дарагын от кылыч менен кайтарып турган периштеден өтүп кете турган бийлиги жана күчү бар. Исанын гана бизге өмүр дарагына жол ачканга жана кереметтүү дарактын жемишинен жедиргенге кудурети жетет.

- ■ Ал дагы Рух (Куран 19:21).

- Аян 3:20 " Мен эшикте туруп тыкылдатып жатам, ким ачса

Биз бардыгын Кыргызстанга чакырдык. Эми биз Кыдырды да бизге кошулууга чакырууга убакыт келди. Кудайдын Кыргызстанга келе турган убактысы келди. Ыбрайымдай болуп биз Исаны үйүбүзгө жана жүрөгүбүзгө чакырышыбыз керек.

- Аян 4:5 жана 5:6 " Теңирдин жети руху" (Захария 4).

Бул ыйык рух. Курандын бир нече жеринде ыйык Рух Иса менен деп жазылган.

- Аян 7:17 "Анткени аларды тактынын ортосундагы козу кайтарып, тирүү суунун башатына алып барат. Кудай алардын көздөрүндөгү жаштардын баарын аарчыйт."

Жезекил 34 — аяттагы пайгамбарчылыктын аткарылышы.

Бул жерден биз тирүү суунун булагын көрө алабыз. Муну Кыдыр — Иса тапкан.

- Аян 12 "Ажыдаар наристени төрөлөөр менен жеп салуу үчүн, төрөөр маалы келип калган аялдын алдына келип турду. Аял баардык элдерди темир таяк менен кайтара турган эркек бала төрөдү. Бала Кудайдын жана Анын тактысынын жанына көтөрүлүп кетти. Ошентип чоң ажыдаар — бүткүл ааламды азгырган, шайтан жана ибилис деп аталган байыркы жылан жерге кулатылды, аны менен кошо жин перилери да кулады. Ошондо шайтан аялга аябай ачууланып, аялдын башка балдары менен — Кудайдын осуяттарын аткарган, Иса Машаякты күбөлөндүргөн балдары менен согушууга жөнөдү".

Шайтандын бир душманы бар, Иса жана анын осуятын сактагандар. Шайтан болгон күчүн, акылын чогултуп Исаны биздин Кыдырды жок кылгысы келет. Бул жаңжалга бүткүл асман менен жер аралашкан. Эч ким ортодо боло албайт. Ал барыбызга жардам берүү үчүн келет.

Шайтан бизди ак бата жана тирүү суудан алыстаткысы келет. Шайтан адамдарды Исага жолуктурбоо максатында жалганды, секталарды, диндерди жана философияны жаратат. Биз шайганга алданып калбастан акылмандуу болушубуз керек.

Менин динимдеги жалгандарга мен абдан таң калып келем. Биз адамдарга Мекеде ыйык жана абада калкып турган таш бар деп айтабыз. "Аны сүрөткө тартса да пленкага түшпөйт, анткени ал ушунчалык ыйык" деп айтышат. Бирок мен сүйлөшкөн чынчыл ажылардын бардыгы тең андай таш жок деп айтышат. Көптөгөн кыргыз дербиштер бул нерсенин жалган экендигин билишет. Бирок муну ачык айтканга эч ким даабайт. Башкалары Нил Армстронг айга барып ал жакта араб тилинде кимдир бирөө куран окуп жатканын уккан биринчи адам болгон деп айтышат. Ошол жалганчылар эле америкалыктар эч качан айга барышкан эмес, алар жөн гана Голивуддан фильм тартып коюшкан дейт. Бүгүнкү күндө биз бүт дүйнөнү адаштырган жалганга жана туура эмес изилдөөлөргө көмүлүп калдык. Деги чындыкка өзүн арнаган адам барбы?

- Аян 19:11—21. Акыркы күнү Кыдыр — Иса элдерди соттош үчүн келет.

Бул аят мусулмандардын жана христиандардын ишенимине жана жүйүттөрдүн Машаяк жөнүндөгү окутуусуна да туура келет.

- Аян 21:9—12, Кыдырдын колуктусу.

Иса чыныгы жолдош (күйөө).

- Аян 22:2 "Анын көчөсүнүн ортосунда, дарыянын аркы тарабында да, берки тарабында да өмүр дарагы өсүп туруптур. Анын жалбырактары элдерди айыктырууга арналыптыр."

Бул ыйык жер болуп саналган мазар. Кыргыздар Кыдырга ушундай жерлерден жолугууну күтөт. Ал адамдарды айыктыра турган бата берет. Ушул батаны таятам мени элим үчүн табат деп күткөм.

- Аян 22:20. "Кел Иса, Теңир кел."

Бала кезимде мен да так ушундай сыйынуучу элем, "Кел Кыдыр, кел."

## Курандан алынган аяттар

(Бул аяттар Алауддин Мансурдун котормосунан алынып, орус жана англис тилиндеги Курандын котормолоруна салыштырылган соң азыркы учурдагы тилге ылайыкташтырылып өзгөртүүлөр киргизилди).

Куран 2:87 "Биз Мусага китептерди бердик жана элчилерди жибердик, жана Биз Исаны Мариямдын уулун жибердик ал ачык жышаан жана Биз Аны Ыйык Рух менен

кубаттандырдык. Силерге элчилер келгенде силер аларды кабыл албайсыңар; силер аларды четке кагасыңар. Силер аларды жалганчы деп атайсыңар жана кээ бирин өлтүрөсүңөр."

Иса биздин Кыдырыбыз жана биздин ата-бабаларыбыз ишенген түбөлүктүү пайгамбар экендигине абдан көп так далилдер бар. Менин элимдин ишенүүсү үчүн Алла «ачык далилдерди» берген.

Бүгүнкү күнү көптөгөн текебер дин башчылары Исага ишенгендерди "жалганчы" деп атап ал эмес "кээ бирлерин өлтүрүшөт." Мен Алланын элчисин кабыл алгандыгым үчүн, менин өз элим мени өлтүрүүтө аракет кылышты. Эмне үчүн?

Лука19:14. Көптөгөн адамдар Исанын аларды жетектөөсүн каалашпайт, бирок Алла Исаны алыскы жерде (асманда) жерге кайтып келип шайтанды талкалаш үчүн, жана мусулмандардын үстүнөн бийлик кылуусу үчүн майлаган (тандаган).

o Матай 21:33 — 45 "Качан жүзүмчүлөр, жүзүмчүнүн уулун көрүшкөндө, өз ара, "Бул мурасчы. Келгиле, аны өлтүрүп мурасына ээ бололу"-дешти

Куран 2:136 "Айткыла (О Мусулмандар): Биз Аллага жана Анын бизге жибергенине, Ыбрайымга, Исакка, Жакыпка жана башка урууларга жибергенине ишендик. Жана Муса менен Исага жана пайгамбарларга Теңирден берилгендерге ишендик. Биз аларды (ачылыштарды) айырмалабайбыз. Биз Ага моюн сунуучубуз.

Бул аят үчүн мен Кудайга ырахмат айтам. Жакыптын тукумунун мусулман дүйнөсүндө үнү бар. Кудай буюруп бир күнү арабдар бардык ачылыштарга, Манастын тукумуна берилген Кыдырга ишенип калышаар.

Бул аян ушунчалык маанилүү болгондуктан Куран 3:84 —аятта кайра кайталанып берилет.

• Куран 2:253 "Элчилердин, кээ бирлерин кээ бирлеринен абзел (жогору койгонбуз) кылдык, алардын арасында Алла түздөн түз сүйлөгөн заттар бар. Ал алардын деңгээлин көтөргөн; жана Биз Мариямдын уулу Исаны ачык далилдер менен бердик да, Аны Ыйык рух менен кубаттандырдык."

Алла Исага "Машаяк" жана "Кыдыр" деген ысымды берүү аркылуу аны башка Кудайдын элчилеринен жогору койгон.

Ага айыктыруу, жаратуу, жана өмүр берүү үчүн Исламдагы Кудайдын элчилеринин барынан жогору күч берилген.

Иса Исламдагы башка пайгамбарларга караганда көбүрөөк курмандык кылган жана берген.

Ал Алланын көзүнө окшош. Биз үйлөрүбүздө эмне ичип эмне жеп жатканыбызды ал билет.

Ал абдан таза жана момун болгондуктан шайтан тие албаган жапжалгыз пайгамбар болуп калган.

Ал башка пайгамбарлардай болуп агып чыккан суюктуктан жаралган эмес.

Алла Исанын элин Исраил деп атайт (Куран 2:47); анын кандаш бабалары (3:33); жана анын энеси (3:42) башкалардын баарынан жогору. Ким Исаны ээрчисе алар ишенбегендерден жогору коюлат. (3:55).

Алла Исаны башкалардан жогору көтөргөн.

Ромео, котормочу кыргыз тилинде, "Машаяк", деген сөз бар деп айтты, ал сөздүн мааниси Мессия дегенди билдирет экен. "Машаяк" бул эврей тилине окшош экен "Машиях" деген эврей тилинде да мессия дегенди билдирет.

Куран 3:45 "Кудай өзүнүн сөзүн сүйүнчү кабар кылып берди. Анын ысмы

Машаяк Иса Мариямдын уулу, бул дүйнөдө да аркы дүйнөдө да даңкталган."

Иса бул Кудайдан келген "сүйүнчү кабар". Мен Алланын кубанычтуу кабарларын сүйөм. Ал эмес өлүм коркунучу да менин кубанычымды уурдай албайт. Мен Алладан "сүйүнчү кабар" алгам.

Иса Кудайдан болгон "сөз". Ал бул дүйнөдөгү Кудайга ишенбеген адамдардын арасында жана денеде жашап жүргөн кезде кантип баш ийүүдө жашоо керектигин үйрөтөт, Мен Алланын сөзүнө ишенем; бул мен үчүн түшүнүүгө абдан оңой.

Аян китеби 1-бөлүмдө биз Исанын "асманда" кандай даңкталгандыгын көрөбүз. Ким сулуулукту, тазалыкты, искусствону жана жакшылыкты сүйсө, алар Исаны эңсешет.

Марк 9 да Исанын "асманда" кандай даңкталгандыгын көрсөтөт."

Асмандан үн чыкты, "Бул Менин сүйүктүү Уулум, Аны уккула."

Биздин Куран китепте Алла Исанын Машаяк экендигин ачык айкын көрсөтөт. Исламда бирөө да мындай жогору көтөрүлө элек болчу; мындай улуу ысымга эч ким ээ боло элек болчу. Иса мусулмандар, христиандар, жана жүйүттөр үчүн бир эле мессия экендигине эч кандай талаш жок. Куран 3:48 "Алла Ага (Иса) Мыйзам жана Жакшы Кабар, акылмандуулук китебин үйрөтөт."

Алла Исаны акылмандуулука үйрөткөн, бирок менин элимди бул Кудай Тааладан келген акылмандуулукту жек көрүүгө үйрөтүшкөн.

"Кудайдан коркуу акылмандуулуктун башталышы, бирок акылсыздар насаат жана акылмандуулукту кабыл алышпайт" (Накыл сөздөр 1:7). Мен бир жолу мен түшүмдө Кудайдан аян алдым. Дарыгер жана анын жардамчысы, кыргыздардын көбүнчөсүнүн мээлерин бычак менен кесип алып, аларды желимге ороп терең чуңкурга ыргытып жаткан экен. Бул операция жакшынакай эле көрүнгөн имаратта болуп жаткан экен. Мээси кесилген ал кыргыз адамдардын башында мээнин кандайдыр бир бөлүгү гана калтырылган. Алар мындан ары чектелүү гана функцияларды аткарып, анализдөө, талкуулоо, жаратуу, ачылыштарды ачуу жана түшүнүү касиеттеринен ажырап калышат. Менин элимдин көбүнчөсү акылсыз болуп калышыптыр. Мен өз бөлмөмдө отуруп алып бул коркунучтуу ишти карап отуруптурмун. Эгерде мен бул кылмышкерлерге каршы эч нерсе айтпасам анда мен да алар менен кошо күнөөкөр болуп калмакмын. Мен бул бузуку диний башчылардын бетин ачышым парз.

Чет элдиктер Исаны жек көргүлө деп биздин башыбызды айлантышат, Исанын өлгөнүн танышат жана Кудайдан ага берилген акылмандуулукту жек көрүшөт.

"Алар Алланын жышаандарын баалашпайт, алардын угуу, көрүүлөрү, жүрөк жана акылдары Алланын жышаандарын четке кагышат" (Куран 46:26). "О акылсыз кыргыз! Айкаш жыгачка кадалган Иса силердин көз алдыңарга тартылгандай сүрөттөлүп берилбеди беле, ким силерди чындыкка баш ийбөөгө азгырды?" (Галатыктарга 3:1) Ар бир кыргыз Куран 3: 55ти тарыхтан, искусство дүйнөсүнөн, Алла айкаш жыгачка кадаган Иса Машаяк, Кыдырдын колдорунан улам билет. Кээ бир каардуу молдолор менин элиме Исанын өлүмүн жокко чыгарууга үйрөтүшүп — биздин акылды катууланттыбы? Куран 3:49 Кыдыр —Иса айтат, "Мына! Мен силерге Раббиңерден болгон жышаан менен келдим. Мына! Мына Мен топурактан чымчык жазап ага дем үйлөсөм, ошондо ага Алланын жардамы менен жан кирет. Мен сокур болуп төрөлгөндөрдү, пес оорулууларды, айыктырам, өлгөндөрдү Алланын жардамы менен тирилтем. Жана силер эмне ичип жейсиңер жана үйүңөргө эмнени жыйганыңарды айтып берем. Мына эгерде силер момун болсоңор (ишенсеңер) мен силерге белек берем."

Исламдын айыктыруучу Кыргызстандагы адамдарды дагы эле айыктырып келет.

Кыдыр — Иса абдан таң калычтуу. Ага эч ким окшошпойт (Жакан 5:36 жана Жакан 10:25 — 38).

Куран 3:49 жана 5:110 аятта Кыдыр — Иса өлгөндү тирилткендей Куран 3:27 аятта Алла да өлгөндөрдү тирилтет, Исламда мындай иштерди жасаган эч ким жок.

Бир жолу Качкан Бөрү деген америкалык индеец мага "Талкаланган дубалдар" жергиликтүү америкалыктардын тобунун ыры жазылган диск берди. Ал дисктин ичинде "Иесус Караломка" (Иса жакшы дары) деген ыр бар эле. Биз Кыдырдан бата алган адамды Кыдыр даарыган адам деп коёбуз. "Даарыган" деген сөздүн бир мааниси кыргыз тилинде "айыктырылган" деген да маани берет. Иса чын эле жакшы дары. Ал бардык диндерди айыктыруусу.

Иса Исламдын эң улуу айыктыруучусу; ал Америкадагы жок болуп бара жаткан индеецтер үчүн "жакшы дары" жана менин элимди "даарый" турган жалгыз инсан Ал айыктыруу жана куткаруу үчүн келген (Лука 9:51 —56).

"Мына! Эгер силер ишенсеңер ал силер үчүн берилген белек". Эгер биздин молдолор чыныгы мусулмандар болсо, эмне үчүн ушул сыяктуу аяттарды менин элиме окутушпайт?

Максат молдолор Кудай жөнүндө окутуш үчүн бул жакка келишкен жок, тескерисинче алар жаштарды фундаменталисттер кылып тарбиялап алардан аскер куроо үчүн келишкен деп ойлойт. Эгер алар Кудай жөнүндө окутушса алар Исламдагы эң ыйык инсан жөнүндө жана бул аяттарды окутушмак. Куран 3:55. Алла Исага айтат, "Мен Сени өлтүрүүчү жана сага акарат келтиргендерден куткарып сени өзүмө көтөрүүчүмүн. Жана сени ээрчигендерди, сага ишенбегендерден жогору коем."

Ыйык Куран Алла Исаны өлтүрүп жана Аны кайра тирилткендигин айдан ачык окутат (Эврейлер 10:9 — 12). Исаны негизи жүйүттөр өлтүргөн эмес (Куран 4:157). Ал өзүн Алланын эрки боюнча өлүмгө берген (Эврейлер 10:5—12). Исанын күнөөлөр үчүн болгон курмандык катары өлүүсү бул Кудайдын эрки болгон. (Ышайа 53:10). Аны Алла өлүмгө кыйган. Исанын колдору Алла аны бардык элдердин күнөөсү үчүн өлтүрүп кайра тирилткендигин далилдейт.

Машаяктын өлүмү да Данияр Пайгамбар аркылуу алдын ала айтылган (Даниел 9:26).

Кудай адамзат менен тынчтыкта болуп элдешүүсү үчүн Иса курмандык болгон. Биздин "Курман Айт" (Курмандык алып келүү майрамы) Кудайдын "улуу" курмандыгын түшүндүрөт.

Кудай Ыбрайымдан баласын курмандыка чалууну сураган. Эмне үчүн?

Кыргыз элинде тынчтык болуусу үчүн Курманжан Датка да өз уулун курмандыкка берген.

- Ошонун натыйжасында бүгүнкү күндө кыргыздардын өз жери бар. Бирок кыргыздарга караганда чоң жана күчтүү эл болгон уйгурлардын, дунгандардын жана курддардын азыркы убакытка чейин өз жери жок.

- Мүмкүн уйгурлар, дунгандар жана курддар эч качан тынчтык үчүн курмандык беришпесе керек. Алар жерге ээ болуу үчүн тайманбастан согушуп келген эл.

Биз кыргыздар момун элбиз. Азыр биздин өзүбүздүн жерибиз бар, ал эми көптөгөн башка элдердин жери жок.

"Матай *5:5* "Момундар бактылуу, себеби алар жерди мурасташат."

- Иса эч качан согушкан эмес. Ал момун болгон. Азыр болсо бүткүл дүйнө ага кайрылып жатат. Ал тарыхтагы бардык адамдарга салыштырмалуу эң көп

жүрөктөрдү (жер) утуп алды.

■ Эгерде палестиндиктер согушпастан, курмандык кылышса, алардын да өз жери бар болот беле? Алар өз душмандарына бата берүү үчүн эмне кыла алышмак?

■ Ортоңку чыгыш Курманжан Даткадан жана менин элимден үйрөнө алат?

■ Жүйүттөр 6 миллион адамды курмандык кылышкан соң кичинекей жерге ээ болушту.

• Мээримдүү Алла аларга ырайым кылып аларга жер бердиби?

• Биз Кудайдын мээримин кабыл алабызбы?

■ Мээримдүү Алла, мени момундукка жана курмандык кылганга үйрөт.

• "Атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер"

• "Таш менен урганды аш менен ур"

• "Силерди каргыштагандарга бата бергиле"

• "Сырт кийимиңди чечип алганга ич кийимиңди да чечип бер"

• "Душманыңды сүй"

• "Кечир жана унут" (Башталыш китеби 41:51 "Манас" деген аттын түшүндүрмөсү)

1999-жылы кыргыз тилиндеги Куранда Алла Исаны өлтүргөн деген аят кошо которулган. Бирок бул жылы (2001) ошол эле котормочу кыргыз тилиндеги Курандан Алла Исаны өлтүрдү деген аятты алып таштаган. Ошондо мен араб тилиндеги Куран китепти текшерип көрдүм. Араб тилиндеги Куран китепте Алла Исаны өлтүргөн деген аят жазылган. Анда эмне үчүн биздин имамдар жана китеп изилдөөчүлөр, "китептин адамдары", Алланын сөзү жазылган китептеги маанилүү аяттарды алып ташташат? Алар менин элимдин караңгылыкта жүрө берүүсүн каалашабы? Бул кичинекей ката болуп эсептелинбейт. Биздин эл Исанын курмандыгын биз түшүнбөсөк алар эч качан биздин жолду таппайт. Бул катаны ким кетирди жана эмне үчүн биздин дин жетекчилер туура котормо жана адилеттик деп кыйкырып жатышат? Алар башка иштер жөнүндө тамактары айрылгыча кыйкырышат да, ушул сыяктуу кетирилген чоң каталар жөнүндө унчугушпайт.

Куран 3:68 "Ыбрайымга жакын адамдар аны жана анын пайгамбарларын ээрчигендер. Алла ишенгендерге дос."

Ыбрайым Кыдырга жолугуп ишеним аркылуу акталган жана азыр бейиште. Ал шарият мыйзамдарынын баарын аткаруу аркылуу акталган эмес. Ал сүннөткө отургузула электе эле акталган. Мен Ыбрайымды жана анын пайгамбарын ээрчигенди каалайм. Ыбрайым баарынан эркин адам жана чыныгы көчмөн адам болгон.

Ыбрайымдын пайгамбары Кыдыр болгон. Мусулмандарга бул пайгамбарды ээрчигиле деп айтылган.

Руми айткан, "Китеп изилдөөчүлөрдүн шарттары бул калемдин гана жазуулары. Ал эми Суфинин шарттары кандай? Ыйыктардын баскан жолдору." Кыдыр — Исанын баскан жолдору бул биз үчүн болгон шарттар.

Ыбрайым Кыдырды жакшы тоскондон кийин Алланын досу деп аталган.

Куран 3:98, 99 "Китептин адамдары, эмне үчүн силер Алланын жышаандарын четке кагасыңар жана ага ишенгендерге жолтоо болосуңар?"

"Китептин адамдары" биздин имамдар жана ыйык китепти, Куранды окуп жана Алланын жышаандарын четке каккандар. Куран 21:91 Иса бардык элдер үчүн жышаан деп айтат. Бидин имамдар жана башка "китептин адамдары" да мени Алланын

пайгамбарына ишенүүгө тоскоол болушкан.

Тилекке каршы, бул "китептин адамдары" Куранды кыргызчага которушуп, Исанын курмандыгы жөнүндөгү аяттарды алыпташташкан да Куран китепти Алланын мээримдүү элчисине жана Алланын байыркы китебине каршы адамдык түшүндүрмөлөргө толтуруп салышкан. Бул адамдар өздөрү чыгарган Исламга менин элим ишенүүсүнө түрткү бергенди каалашат.

Иса аларга айтты, "Кайгы силерге фарисейлер (имамдар) жана китеп изилдөөчүлөр, эки жүздүүлөр! Ишенимиңерди бир адам болсо да кабыл алыш үчүн, жер сууну айланып чыгасыңар, Кабыл алгандан кийин, аны өзүңөрдөн өткөн тозок уулуна айландырасыңар" (Матай 23:15). Бул адамдар менин элимди атеизм убагындагыдан да жаман абалга түртүп жатышат. Бул "китептин адамдары," менин ишенүүчү досторум Канат жана башкаларга кыйынчылык туудуруп жатышат". Көптөгөн адамдар Исаны эңсешет, бирок алардын коркутуп-үркүтүүсү алардын ишенүүсүнө тоскоолдук кылат.

• Куран 3:100 "Эгерде силер китептин адамдарын уксаңар алар силер ишенгенден кийин силерди кайрадан, каапыр адамга айландырышат."

Мен таанышкан көптөгөн молдолор мени туура жолдон чыккан адам деп эсептешет.

Алар өзүлөрүн (китептин) Курандын адамдары деп аташат, бирок мен аларга Куран Кыдыр — Иса жөнүндө эмне деп айтканын көрсөтүп берейин десем угушпайт.

Куранда Жакшы Кабар жана Иса жөнүндө эң сонун тастыктоолор бар.

• Куран 3:101 "Ким Аллага байланышса аларга түз жол көрсөтүлөт."

Таятам мени дайыма бекем турууга үйрөтөөр эле. Мен күчүм жетишинче Алланын жарыгына бекем турдум. Азыр болсо Кыдыр аркылуу Алланын ак батасын алдым.

• Куран 3:102 "Алладан корккула жана мусулман болгон абалыңарда дүйнөдөн өткүлө (Кудайга баш ийип)."

Мен имамдар жана молдолордон коркпойм. Алар мени өлтүргөн күндө да мен Алладан гана коркушум керек. Мен өлөм да Исадай болуп толук баш ийүү менен өлүшүм керек.

• Куран 3:103 "Кудай достук түздү"

Качан Кыдыр Ыбрайымдын чатырына келгенде ал Кудай менен достошкон окшойт. Мен да Кудай менен Кыдыр аркылуу достоштум. Мен Кудай менен достошуу үчүн мындан башка жол жок деп ойлойм. Кудай бул биз менен абдан жакын жана биз менен жекече байланышта болгусу келет. Мурун мен Кудайдын мындай экендигин билчү эмесмин.

Жакан 15:13—17 "Менин осуяттарымды аткарсаңар, анда менин досторумсуңар."

■ Бул мусулман болуунун чыныгы аныктамасы (Куран 3:52). Алланын элчисине Ыбрайым кандай баш ийсе биз да так ошондой баш ийүүбүз керек.

• Куран 3:106— 108 "Кээ бирлердин жүзү ак болот, кээ бирлердин жүзү кара болот: жүзү караргандар, "Силер ишенимди кабыл алган соң кайра андан баш тарттыңарбы? Ишенбестигиңер үчүн жаза аласыңар". Жүзү актар Кудайдын мээриминде түбөлүк жашашат — бул Алланын аяттары. Биз ал аяттарды чындык деп эсептейбиз; Алла дүйнөгө жамандык каалабайт."

Куран 2:138 Алла бизге өң берет деп айтат. Ошондой эле Алла Кыдырга тоодон ак жүз берген (Марк 9 жана Аян 1).

Куран дагы Иса бул Алланын мээрими экендигин тастыктайт (Куран 19:21).

Чыныгы мусулмандар Алланын мээрими болгон Исада жашашат. Анын мээриминде жана оң жагында жашагандар түбөлүккө ак (акталышат) болушат. (Куран 74:38,39; Жакан 3:15-21). Иса, жүзү ак, бул Кудайдан келген ачылыш же аят (108). Демек Алланын кээ бир аяттары ак кагазга эмес бирок ак жүрөктөргө жазылган (2 Корунтуктар 3:3).

Биздин Куран Иса Алладан келген аят экендигин тастыктайт (Куран 3:34; 4:171).

■ Инжил (Жакшы Кабар) да бул түшүнүктү тастыктайт (Жакан 1:14).

Жакан 1:18 Иса Кудайдын аяны жана Кудайдын элеси экендигин тактайт.

■ Аян 19:13 "Анын ысмы Кудайдын Сөзү."

• Мүмкүн биз ыйык адам Жараткандын сөзү жана аяны боло ала тургандыгын түшүнүш үчүн бизге Конфуций же Чыгыш философтору керек болуп жүрбөсүн.

• Тирүү кабар болгон адамдын элчиден болгон айырмасы абдан чоң.

• Алла кабарды, кабарчыдан да жогору кылып койгон (2:253).

Курандагы бул аяттар (3:106— 108) Ышайа 25:7 аятта жазылган пайгамбарчылыктын аткарылышы — "Ушул тоонун үстүндө бардык элдерди жаап турган жабууну, бардык уруулардын үстүндө жаткан жабууну жок кылат."

■ Качан биз Кудайдын ырайымында, тоо падышасы менен турганда, (Забур 2), биздин караңгылык көшөгөбүз алынып биздин (агыбыз) адилеттигибиз жаркырайт.

■ Сулайман айткан, "Адамдын акылмандуулугу анын жүзүн жарык кылат." (Насаатчы 8:1)

■ Забур 79:4 "Кудай! Бизди кайра калыбыбызга келтир. Сенин жүзүң жаркырасын, ошондо биз куткарылабыз". Алла биздин эч кимибиздин талкалануубузду каалабайт.

• "Адам уулу өз периштелерин жиберет, алар күнөөгө түрткөн жана мыйзамсыздык кылуучуларды Анын падышалыгынан алып, жалындап күйүп турган отко ыргытат, Ал жерде ый жана тиш кычыратуу болот.

Ошондо адил адамдар өздөрүнүн Атасынын Падышалыгында күн сыяктуу жаркырашат. Кимдин кулагы бар болсо, ал уксун!" (Матай 13:24 — 43)

• "Сен ишенимди кабыл алган соң аны кайра четке кагасыңбы?" өз атасынын падышалыгынан баш тарткан элдер өрттөлөт. Бул аяттар менин элиме тиешелүү. Биздин ата — бабаларыбыз Кудайдын жакшы экендигинин даамын татып калышкан. Андан кийин биз ага кайра каршы чыктык ("Теңирден тескери кеттик").

• Биз баарыбыз Алланын осуяттарын буздук (мыйзамсыздык жазадык). Бирок Алланын оң колунда жана мээриминде тургандар акталышат. Алар тозокко барышпайт (Куран 74:38,39).

Качан менин элим Кыдырды түшүндө көргөндө же ага жолукканда, Курандагы аяттарда жазылгандай анын жүзү жана кийимдери аппапак болуп жаркырап турат.

Ромео, котормочу ак түс бул кыргыз тилинде жана искусстводо тазалыкты, ыйыктыкты, акталуу же такыбаалыкты түшүндүрөөрүн эскертти.

• Куран 3:137, 138 "Силерден мурун да көптөгөн жолдор —тажрыйбалар өткөн. Бирок жер жүзүн кыдырып, Алланын динин жалган деп эсептегендердин аягы эмне менен бүткөнүн көргүлө. Бул адам баласына болгон жарыя жана эскертүү".

Алла бизге азыркы убакта болуп жаткан эл аралык окуялар аркылуу сүйлөп жатат. Ал бизге эмне деп айтып жатат?

Исага каршы чыгып (антихрист) өзүлөрүн араб окутуучуларына тапшырган жерлердин ойлорунун баары согуш: Индонезия, Судан, Чеченстан, Алжир, Филиппин, Йемен, Сомали, Иран, Афганистан, Ирак, Кашмир, Пакистан, Турция, Курдистан, Балкан, Баткен, ж.б,

Андан башка дагы көптөгөн себептер менен дүйнөдө көптөгөн согуштар болуп жатат. Ага карабастан мен Алланын осуяттарына баш ийип жашадым: Акылым менен жерлерди кыдырып, Кыдырдан баш тарткандардын бүгүнкү күндө болуп жаткан талкалануууларынын натыйжасын изилдедим.

Анын натыйжасы согуш, өлүм, талкалануу, бөлүнүү, бүтпөгөн жараттар, түбөлүк онтоолор. Алланын айтуусу боюнча мындай караңгылык өзүмчүлдүк жана ишенбестиктин тамыры. Чыныгы ишенимге негизделген системалар бар жерлерде боорукердик, чыдамдуулук, кубаныч жана бири бири үчүн кам көрүү.

Эгерде биз Алланын өкүмүнө баа берсек тарыхта биздин эрага чейин 70 — жылдары Иерусалимдин талкаланганынан сабак алат элек. (бул окуя Лука 19:41 — 44 аяттарда алдын ала айтылган).

Биздин араб окутуучуларыбыз эгерде биз араб окутуусу менен бирикпесек анда Кыргызстанда бөлүнүү жана согуш болот деп айтышат. Эмне үчүн? Максат арабтар өзүлөрүнө баш ийбеген адамдардын бардыгына жихат согушун жарыялашат деп айтат. Биздин араб окутуучуларыбыз караңгы кылымдагы христиан дин жетекчилериндей эле бузуку адамдар. Ылайым Алла алардын тузагынан бизди сактасын.

- Куран 3:199 "Китептин адамдарынын арасында Аллага, Анын аларга келген аяндарына ишенген жана Аллага баш ийген адамдар бар. Алар Алланын жышаандарын арзанга алмаштырбайт. Аларга алардын эгесинен сооп болот, Алла алардын кылганын эсепке алат."

Эткөн жылы Бишкек шаарында өткөрүлгөн ислам конференциясында мен Пакистандан келген профессор менен тааныштым. Ал мага жекече менин ачылыштарым чыныгы исламга туура келээрин айтты. Бирок ал мени бардык элдин алдында колдой алган жок. Себеби ал өзүнүн кадырын жоготуп алуудан коркту.

Профессор да азыркы мусулмандар куранды алышкандан кийин "китептин адамдары" болуп калганын айтты. Ал дагы мусулмандар да Мухаммеддин учурундагы жүйүттөр менен христиандардын абалына түшүп калганын айтты. Ал мага акыретте Алланын аяндарын четке каккан, жашырган же бурмалаган мусулмандарга болгон Алланын соту жөнүндөгү көптөгөн мисалдарды көрсөттү.

Ошол Пакистандык профессор көптөгөн Алланын төрт китебине тең ишенген мусулмандар "китептин адамдары" бар экендигин айтты. Алар бүткүл түштүк Азия боюнча Тоорат, Забур жана Инжил жана Куранды жашыруун чогулуштарда окушат. Ал адам мага Тариф Халиди жазган "Мусулман Иса" жана Жефри Париндеп жазган "Курандагы Иса" деген китептерди белек кылды. Ал бул китептерди конференцияга ала келүүсүн Алла айткандыгын айтты.

- Куран 4:158, 159 "Алла аны (Исаны) өзүнө көтөрүп кетти; Алла улуулугу жана акылмандуулугу менен даңкталсын; — жана бардык китеп адамдары өлгөнгө чейин ага ишенишсин; жана сот күнү ал аларга каршы күбөлүк кылат ."

Кудай Исаны өлтүрдү, аны кайра тирилтти, жана азыр адамдар ага ишенүүсүн каалайт. Алла акыркы сот күнү Исанын күбөлөндүрүүсүнө жол берет. Ал күнү Иса эмне деп айтат?

Єлүктөрдү тирилткен Кудай (2 Коруntuktar 1:9), акыркы сот күнү Кыдыр — Исага

бийлик бергенинин өзгөчө себеби бар (Жакан 5:22, 23).
Арабтар биздин кичинекей өлкөнүн исламда болуп жана Исага ишенүүсүнө жол беришеби?

• Куран 4:171 "Мариямдын уулу Иса Машаяк, Алланын элчиси жана андан келген рух болчу."

Качан Алланын деми аркылуу Мариямдын боюна бүткөндө жаңы адам рухтан жаралган — "Биринчи Адам тирүү жан болду. Акыркы Адам өмүр берүүчү рух бол.

Корунтуктар 15:45), Андан келген рух (Алла).

Акыркы Адам (Иса) адамзатты экинчи жаралууга даярдайт (Куран 53:47).

Иса Машаяк аркылуу биз баарыбыз Кудайдын рухун — Кудайдын демин ала алабыз. "Ал аларга үйлөп айтты, Ыйык Рухту кабыл алгыла" (Жакан 20:22).

Жаңы Адам, Машаяк — жолоочу, бизди диний бөлүнүүлөргө эмес руханий жашоого чакырат. "Себеби Машаякта өмүр берүүчү рухтун мыйзамы күнөө жана өлүмдүн мыйзамынан мени бошотту" (Римдиктер 8:2).

Алла Исага айтты, "Сен менин жардамым менен топурактан чымчыктын сөлөкөтүн жасадың жана сен ага демиңди үйлөдүң жана ал Менин жардамым менен чымчыкка айланды" (Куран 5:111). Иса, "акыркы Адам", асмандан келген өмүр берүүчү рух.

"Ал өлтүргөн жана тирилткен" (Куран 53:44).

"Экинчи Адам асмандан келген Теңир" (1 Корунтуктар 15:47).

Иудаизмде, христианчылыкта же Исламда да эч ким Алладан мындай бийлик алган эмес.

Исада да Алланыкындай дем берүүчү өмүр бар (Куран 32:7-9).

• Куран 5:110 Алла Исага, "сен менин жардамым менен өлгөндөрдү тирилттиң" деп айтат.

Иса адамдарга айтты, "Уул өз алдынча эч нерсе кыла албайт. Анткени Атасы (Кудай) өлгөндөрдү тирилтип, аларга өмүр бергендей эле Уулу да каалаган адамына өмүр берет. Анткени Атанын да өзүндө өмүр бар болгон сыяктуу эле, уулунда да Атасы берген өмүр бар" (Жакан 5:19, 21, 26).

Исламдын айыктыруучулары Кудай аларга жардам бербесе эч нерсе кыла алышпайт. Иса ушунчалык таза жана момун болгондуктан шайтан аны азгыра алган эмес. Кыдыр — Иса толугу менен Алланын жетегинде жүргөн. Ал Исламдын дүйнөнүн кишендеринен эркин болгон жана өзүн бул ишке арнаган улуу адам. Дүйнөдө бир да адам андай эркин болгон эмес. Жалгыз Исага гана ушундай күч ишенилип тапшырылган.

Куран 5:111 Исанын шакирттери айтты, "Биз мусулмандар экендигибизге ишенебиз жана күбөлөндүрөбүз."

Куран Исанын шакирттери өзүлөрүн мусулмандар деп эсептегендигин тастыктайт. Эгерде Исламдын Кураны ошондой десе анда эмне үчүн Исаны ээрчигендер христиан болуп кетишкен?

- Мунун бир себеби биздин молдолор Исага ишенгендердин Исламда калуусуна жол беришпейт. Биздин молдолор "Исага ишенген мусулмандарды" мечиттен кубалашып элибизге бөлүнүү алып келип жатышат. Алар Жараткандын "ачык жышааны" болгон Исага ишенгиле деген Курандын буйругун түшүнүшпөйт. Биздин молдолор Алланын айкын жетегине каршы чыгып жатышат.
- Бүгүнкү күндө көптөгөн кыргыздар христиан болуп кетип

жаткандарынын дагы бир себеби христиан миссионерлери кыргыздарды христиан кылуу үчүн колунан келген бүт аракеттерин жумшашат. Бирок бул жакшы эмес. Бул адамдарды христиан кылуучулар адамдарды утур алууда көп ийгиликке жетишет да көптөгөн кыргыздарды өздөрүнүн максаты үчүн колдонушат. (Галатыктар 4:17). Ошондуктан көптөгөн кыргыздар Исаны ээрчибестен христиандарды ээрчип кетип жатышат. Алар биздин маданиятты, тилди же элибизди түшүнбөгөн христиандарды угуп аларды ээрчишет. Бул чет элдиктер ал эмес биздин Кыдыр алардын Машаягы экендигин билишпейт.

- Кыдырдын жолдоштору, жер үстүндөгү эң эркин мусулмандар. Биз чет элдиктерге эмес, бирок Аллага гана баш ийебиз. Бизде КОРКУНУЧ ЖОК ЖАНА ЖЕЎИЛҮҮ ДА ЖОК!
- Мен мусулмандар Аллага ишенгендигин аныкташ үчүн Кыргызстандагы ар бир мечитте экиден Библия турушу керек деп ойлойм. Жана Кыргызстандагы ар бир жыйында жакындарын сүйгөндүгүн аныктап, эки Куран китеп турушу керек деп ойлойм. Куран 5:112 — 115 Иса адамдарды асман дасторконунан тамактандырат.

Инжил да Иса адамдарга боору ооруп аларды тойгузган деп айтат (Марк 8:1-21). Кыргыздар Кыдыр "Түшүмдүн пири" деп айтышат.
Манас эпосунда, Манас менен Кыдыр керемет жолу менен көп түшүм алышат.

Жакан 4:35 — 38 жана Лука 10:2 Исанын шакирттерине түшүмгө катышууну көрсөтөт. Куран 6:154 "Теңир менен жолугушуу".

Кудай биз менен жолугууну каалайт. Кыргыздар биз баарыбыз өмүрүбүздө бир жолу Кыдыр менен жолугушабыз деп айтышат. Ички тоодо жашаган кээ бир элдер ага өмүрүбүздө үч жолу жолугушабыз деп айтышат.

Теңир бизге Кыдырдын кебетесинде келип, биз менен бетме бет жолугушат.

Мен Исаны ээрчип бирок аны эч качан көрбөгөн мусулмандарды билем. Бирок ошентсе да алар ага жолукканбыз деп айтышат. Себеби алар анын ак батасын алып анын жашоосунда болуп жатканын билишет. Бактыга жараша мен аны өз көзүм менен көрүп ага жолуккам жана бул мен өмүрүмдө унутпай турган нерсе болуп кала берет.

Куран 6:158 "Аларга периштелер, же Теңир келиш керек, же болбосо Теңир дин жышаандары келиш керек."

Бул Исламдагы Теңир бизге келээри жөнүндөгү дагы бир далил. Кел, Теңир, кел. Менин элиме келе бер. Биздин түшүбүзгө, ойлорубузга, акылыбызга, мамилелерибизге, жана жашообузга кел. Эч нерсе сени токтото албайт. Сен жакшысың. Сен кереметсиң. Биз сени каалайбыз; биз сага муктажбыз. Биз адамдык күчүбүз же диний эрежелер аркылуу куткарыла албайбыз. Жалгыз сен гана жардам бере аласың. Кел, бизге жолук.

Куран 7:56 — 58 "Єз ырайымы менен Алла жамгыр жаадырат жана жерлерге жемиш берет".

Арабтар Алланын ырайымынан баш тартып, Исаны четке каккандыгы үчүн алардын жери жаан бербейт (Куран 7:130).

- Жашоо ушунчалык жөнөкөй. Биз жөн гана Алланын мээрими болгон Кыдыр — Исаны кабыл алышыбыз керек.
- Араб элинен чыгып жана тарап жаткан "Караңгы Кылымынын Окутуусу" абдан түшүнүксүз. Биз башка чет элдиктердин шаарына барып, чет элдиктердин тилин үйрөнүп, кандайдыр бир эрежелер менен жуунуп, атайы эрежелер боюнча сакал коюп жана кыркып, ыйык кийимдерди сатып алып, ыйык суу ичип, жада

калса заара кылганда да алардын эрежеси боюнча заара кылуу керек. Андан көрө мен Алланын ырайымын кабыл алып Кыдырга жолдош болууну туура таптым.

Жер шаарындагы жашыл жерлердин бардыгы эркиндик берилген жана Исага ачык болгон жерлер.

Ал эми Машаякка каршы жерлер өлүк жана жемишсиз. Иса пайгамбарларды жемиштеринен таанийсыңар деп айтат. Эгер арабдар жакшы болсо дүйнөгө жакшы жемиш беришет. Эгер алар жаман болсо дүйнөгө жаман жемиш беришет. Мен арабтардын байыркы кылган иштери үчүн берилген нефтиден башка дүйнөгө жаңы же жакшы эч нерсе бергенин көргөнүм жок. Арабдардын дүйнөгө берген азыркы жемиши бир нече эл аралык согуштар, Судандагы кулчулдук, аялдарды кысмакка алуу, жүйүттөргө, америкалыктарга, түрктөргө, курддарга жана бактылуу афгандарга каршы рассизм. Алардын азыркы кылып жаткан иштери мурдагыдан да жаман болуп бара жатат. Алардын кылган иштери батыштын бутпарас баскынчылары кылган иштен да жаман.

Ырахмат сага, Алла, өткөн жылдагы мол түшүм үчүн. Сен менин атамдын түшүмүнө береке бердин.

Менин элимди кечир. Биздин чачыранды тоолорго кайрадан токойлор өсө баштасын.

Эгерде менин элимдин жетекчилери тартынбастан Исаны байкап көрүшүп жана менин куурап бара жаткан элимди жемиштүү кылганга Исага жол беришсе. Анда биз бардык мусулмандарга үлгү болот элек.

Куран 10:7,8,11,45 (46) "Алла бизге жолук"

Ооба, Көкө Теңир мага түшүп келди да мага көрүндү.

Куран 11:69 — 77. "Биздин элчилер Ыбрайымга сүйүнчү кабар менен салам беришти. Алар "Тынчтык" деп айтышты. Ал да "Тынчтык" деп жооп берди да торпокту кууруп алып келишти. Алар, "коркпо" дешти. Качан Биз, Исак, Исактын артынан Жакып келээри жөнүндөгү жакшы кабарды айтканда, анын аялы күлүп жиберди."

Ушул аят Тооратта да жазылган. Жана бул аят Башталыш 18 — бөлүмдө жазылгандай эле түшүнүксүз. Куранда жазылган боюнча бул элчилер Кудайдын периштелери болгондугун же Кудай өзү болгондугун так билбейбиз. Ошол сыяктуу эле бул Курандагы аятта да Кудай өзүн "Биз" деп атайт; башка жерлеринде өзүнүн шакирттерин "алар" деп атайт. Куран жана Тоорат да Исакты убадаланган уул жана Кыдырдын жакшы кабар батасы деп таанийт. Иса убадаланган жана мээримдүү уул болгон Исактын тукуму. (Башталыш 17 жана 18 жана Куран 37:101 — 113).

Манастын атасы Жакып да Кыдырдан болгон бата.

"Биз Исакты, Исактан кийин Жакыпты бата кылып бердик".

Биздин атабыз Жакып куран окуган.

Куран жана Инжил китептеринде Исанын төрөлүшүн жакшы кабар катары асмандан келген кабарчы аркылуу жарыяланган.

Биздин эпостогу Манас да убадаланган уул.

Куран 11:69 — 77 менен Куран 37:99—113 аяттарды салыштыр.

Куран 15:26 — 47. Алла бардык периштелерге адамдын алдында тизе бүгүүсүн буйрук берет. Бирок шайтан адамга тизе бүгүүдөн баш тартат.

Жалгыз гана Алла табынууга татыктуу. Эч бир жаратылган нерселер же адамдар табынууга татыктуу эмес. Анда эмне үчүн Кудай Куранда топурактан жаратылган Адамга периштелер табынуусун буюрган?

Табынууга татыктуу бир "Адам" бар. Шайтан ал Адамды алдай алган эмес.

Эгерде периштелер же элдер бул адамдын алдында тизе бүтүшпөсө алардын бардыгы тозокко кетишет. Бул Адам эч качан күнөө кетирген эмес — биздин түбөлүктүү Кыдыр эч бир кынтыксыз Кудайдын жана бейиштин өкүлү. Жалгыз гана ал жеткилең; шайтан таасир кыла албаган жападан жалгыз инсан (39,40,42,46,47 жана 3:36,37 жана 19:19 аяттар). Башка пайгамбарлар Кудайдын кабарчылары гана, бирок Иса Кудайдын кабары, "Андан келген сөз", жана "Анын руху". Кудайдын ичинен чыккан дем табынууга татыктуу. Элчи сыйга татыктуу. "Биринчи адамзат, Адам, тирүү жан болду. Акыркы Адам өмүр берүүчү рух болуп калды" (1 Корунтуктар 15:45 — 47). Бул акыркы Адам, "өмүр берүүчү рух", ага бардык периштелер табынышат. Ага табынбаган периштелердин бардыгы жиндер болуп кетишкен. Азыр ал бүт жер жүзүнө талкалануу жана өлүм алып келип жатат. Ал бардык элдерди алдайт (Аян 12:9). Мүмкүн менин элимдеги Исага каршы чыккан адамдар шайтандын калпына алданып калышкандар болбосун (Аян 13). Менин кошунам Таштанкул Чеченстанга барып согушуп ал эмес адам өлтүрүп келген. Эгерде биздин молдолор менен имамдар бизге Исламдагы чындык болгон "Мариямдын уулу Иса" жөнүндө үйрөтүшсө биздин дүйнөбүз таптакыр башкача болмок. Биздин молдолор эмне жазаш керек болсо мен аларды жазайм. Алланын чындыгын үйрөтөм. өлгөнгө чейин бүт жүрөгүмдөн аны ырдайм жана жарыялайм. Мен кыргызмын. Оомийин. Асмандык Адамга тизе бүккөн периштелер акыретте шайтанды жеңгени келишип, чыныгы ишенүүчүлөрдү чогултушат. (Матай 24:31).

Ислам институтунда сабак берген мугалимдер Иса жана Библия жөнүндө жазылган аяттарды козгогондон качышат. "Иса ким" деген түбөлүктүү суроодон кача турган алар ким? Эгерде Курандагы аяттар аларга таасир бере албаса, анда аларга ким жана эмне таасир кыла алат?

Эгерде Куран Тоорат, Забур жана Инжил китептерин Алладан келген чыныгы китептер деп жатса; жана Куран жана Библия экөө тең Кудайдын сөзү өзгөрбөйт деп жатса, анда имамдар менен молдолор Тоорат, Забур жана Инжил китептерин окутушпайт? Биз ким өз сөзүн коргой албаса аларды жоопкерчиликсиз жана ишенимсиз адамдар деп эсептейбиз. Кудай алсыз эмес. Ал ишенимдүү жана күчтүү. Шайтан Кудайдын сөзүн өзгөртө албайт, бирок шайтан Кудайдын сөзүнөн менин элимди четтетүүгө аракет кылат. Эмне үчүн?

Алла мени үйүмдөн кубалап жаткан молдолор менен имамдарды айыптайт. Алар Куран Алланын аяндарынын кандайдыр бир эле бөлүгү деп ишенишет (Куран 2:85).

Руслан Куран Кудайдын сөзү болгондуктан, Куран китепти өбөт. Алланын тирүү сөзү жана тоо падышасы болгон Исаны мен өпсөм болобу (Забур 2) ? Кудайдын сөзүн өппөгөндөр Адамга тизе бүкпөгөн шайтандай болуп жүрүшпөсүн? Бул өтө олуттуу иш.

Шайтандын жалгыз душманы бул Кыдыр — Иса, эркек наристе (Аян 12). Исага шайтан тизе бүкпөй койгон. Эркек наристени жоготуш үчүн шайтан колунан келгендин баарысын кылат.

Кыргызстанда Машаяк менен шайтандын жаңжалы айдан ачык көрүнөт, эгерде көзгө көрүнбөгөн күчтөр биз сыяктуу болуп Машаякка ишенүүгө каршы иштешпесе, ар бир мусулман жана кыргыз Исаны сүйүп калышмак.

Биз мусулмандар Иса акыр заманда шайтанды талкалайт деп айтабыз. Бул байыртадан бери келе жаткан касташуу. Шайтан Исадан абдан коркот. Башталыш 3:15 жана Матай ‑4:1 — 11 салыштыр.

Бүткүл жер жүзү бул улуу жаңжалга кийлигишкен, биз Кыдыр үчүнбүз же ага каршыбыз. Биз Алланын деми менен дем алабыз же шайтандын калпы менен дем алабыз.

Биз же Исаны толугу менен жашообузга, коомго, динибизге чакырабыз же чакырбайбыз.

Ар бир жүрөк Алланын деми болгон Кыдыр — Исага берген жообунун негизинде көрүнөт.

Биз да Аллага баш ийип асмандагы периштелердей ага тизе бүгөбүзбү же шайтандай болуп баш тартабызбы? Куран 18:60 — 82 Муса жана Кыдыр.

Бул аятта Кыдыр Алланын элчиси сыяктуу сүйлөбөйт, бирок Алланын өзү сыяктуу сүйлөйт. Кыдыр, "Биз ниеттендик" дейт. Алла гана өзүн "Биз" деп атайт. Бул аят аркылуу Мусанын убагында Кыдырдын тирүү болгондугун далилдей алабыз. Ал Мусага да жол көрсөтүүчү болгон. Бул аятты Жакан 21:1 — 14 менен салыштыргыла. Петир Исаны суунун жегинде балык бышырып жаткан жеринен табат анан Иса ага көп тирүү балыктарды кармаганга мүмкүнчүлүк берет. Бул аят көптөгөн Суфи мусулмандарынын пайдубалы.

Исламдын бул ичиндеги бул агым Кыдыр жөнүндө ушул аяттардан түшүнүк алган сыяктуу.

Куран 19:16 — 21 Ыйык бойго бүтүү жана Исанын төрөлүшү.

16 — аят. Боюнда бар Мариям чыгышты көздөй жөнөйт. Бул качан Мариямдын уулу Иса кайрадан келгенде чыгыштан келээрин билдирет.

- Кыргыздар да ошол үчүн ак батанын келишин чыгыштан күтүшөт.
- Таятам мени эрте ойготуп ошол күнгө бата алуу үчүн чыгышты кара дечү. Ал мага Кыдырдын эшек минип келе жатканын изде жана ар бир күндүн берекесин күт деп айтаар эле.
- Биздин баатыр Манас да таңда чыгышты карап алып сыйынган. Ал чыгышты карап алып Көкө Теңирге сыйынып жаткан кезинде аны найза менен сайып кетишкен.
- Биздин ыйык боз үй жана Кудайдын ыйык чатыры экөө тең чыгышты карайт (Чыгуу 27:13—16). Качкан Бөрү деген америкалык индеец мага Нава уруусунун хоган деген кыргыздын боз үйү түспөлдөшкөн үйүнүн эшиги да чыгышты караарын айтты. Ошондой эле алтайлыктардын айылдары да чыгышты карайт.
- Бул ыйык үйлөр дайыма чыгыштан келүүчү Кудайдын даңкын тосуп алуу үчүн чыгышты каратылган. (Жезекиел 43:2,4 жана 44:2).

"Кыдыр Иса Иерусалимге дайым чыгыш тараптан кирет. (Жакан 8:1,2; Лука 19:28,29). Иса Машаяк Алланын мээрими. Ал дагы Кудайдын даңкыбы?

"Куран (19:16) жана 23:50 Мариям өз элинен качып Исаны төрөш үчүн чыгышка кетти дейт.

17 - аятта Иса Ыйык Рухтан Мариямдын боюна бүтөт. Ал толугу менен таза, ал адамдын суюктугунан бойго бүткөн эмес. (Куран 86:5 — 7) жана шайтан ага эч качан тие алган эмес (Куран 3:36 — 37). Ал Алланын деми аркылуу бойго бүткөн (Куран 21:91).

- Башталыш 2:8 жана 3:24 аяттарда Чыгыштагы өмүр Дарагы жөнүндө жазылат.
- Жезекил 11:23 "Ошентип Теңирдин даңкы шаардын ортосунан көтөрүлүп, шаардын чыгыш жагындагы тоо үстүнө токтоду."
- Мен Иса менин бабаларым үчүн чоң үмүт болгон деп ойлойм. Биз Кыдыр — Иса бизге бата бергенин дайыма күтүп келгенбиз.

19 —аят Мариям "кемчиликсиз уул төрөдү". Иса башка пайгамбарлар сыяктуу эч качан күнөө кетирген эмес. Ал эмес улуу Мухаммед (ага тынчтык болсун) да

күнөөлөрүнөн кечирим алууга муктаж болгон (Куран 47:19 жана Куран 48:2). Жалгыз гана Исанын күнөөсү жок. Ал Кудайдын даңкы.

- Шайтан Исанын үстүнөн бийлик кыла албайт.
- Жалгыз гана Иса шайтанды жеңе алган.

• Куран 19:21,31. Иса "Алланын мээрими" жана "бардык элдер үчүн жышаан".

Качан мен Алла Кыдырды менин элим үчүн жышаан катары жибергендигин укканымда жана түшүнгөнүмдө Алланын мээримине таң бердим. Алла бизди эч качан таштаган эмес.

Кыдыр — Исанын бизге Кудайдын биз үчүн болгон сүйүүсүн ачып берет. Ал бизге боорукер жана биз бактылуу болуубуз үчүн дайыма бизге бата бергиси келет. Ал өз перзентин сүйгөн энеден да мээримдүү.

Бул дүйнө ушунчалык адамдын текебердиги жана жек көрүүгө толгондуктан аларда бул сыяктуу сүйүү жана момундук үчүн орун жок.

Инжил, өзгөчө римдиктерге жазылган катта, Алланын мээрими жөнүндө Куранда жазылган ушул аят жөнүндө абдан кенен берилген.

• Куран 19:52 "Биз (Кудай) аны (Мусаны) тоонун оң жагынан чакырып өзүбүз менен жакын сүйлөшүүгө тарттык."

Синай тоосунда Муса Алла менен сүйлөшкөн (Чыгуу 19:3). Муса дагы тоодо Кыдыр — Иса менен сүйлөшкөн (Марк 9).

• Куран 21:91 "Биз (Алла) ага дем үйлөп анын уулун бардык адамдар үчүн жышаан кылдык. Мына, бул силердин диниңер, бул бир дин. Мен силердин Теңирмин, ошондуктан мага табынгыла."

Башка бир да адам, пайгамбар, падыша, же имам адамзатты бириктире албайт. Иудаизмдин, христианчылыктын, исламдын жана биздин маданий ишенимибиздин эң жакшы нерселери Исага төп келет.

Биздин Кыдыр бул кыйынчылык убакта жардам бере алуучу жалгыз инсан.

Алла, Мухаммед, жана ыйык Куран — Исламдагы Исага теңдеш эч ким жок экендигин күбөлөндүргөн улуу күбөлөр.

Биз "биз динбиз". Исада жүйүт да, христиан да, мусулман да жок (Галаттыктар 3:28).

- Пакистандык профессор мага мусулмандар Визиянтия согушуна чейин христиандардын жана жүйүттөрдүн китептерине ишенишчү деп айткан. Андан кийин Ислам султандары жүйүттөр жана христиандар Алланын китептерин Доорат жана Инжилди бурмалап салышкан деп айта башташты. Бул нерселерге албетте саясат себеп болгон. Бирок ушул акылсыз ушактын себебинен диндердин бөлүнүүсү башталган. Ислам дүйнөгө таасир кыла турган улуу күчтөн тайыганына мүмкүн ушул тарыхый окуя себеп болгондур. Ислам Алланын китептери жөнүндө бул жалганды чыгара элек кезинде биз дүйнөдөгү эң билимдүү, архитектура жана саясий жагынан да өнүккөн эл болгонбуз. Биз Алла жөнүндөгү бул жалган ушакка ишенип баштагандан бери, ойлоп чыгаруу, жеңиштерге жетүү жана ачылыштарды жаратуу токтоду. Биз эл аралык аренага эч нерсе бере албай калдык. Ислам Алланын жаратуучу демин, Кыдыр — Исаны жоготуп алды.
- Куран10:64, "Алланын Сөзү өзгөрбөйт; бул улуу жеңиш." Мен бул аятка ишенем. Мен Алланын бардык сөздөрүнө, китептерине, жана пайгамбарларына

ишенем. Адам Кудайдын сөзүн өзгөртө албайт. Качан биз Аллага ишенгенде, кайрадан бир дин болуп улуу жеңиштерге жетишмекпиз.

- Куран 22:24 "Алар Даңктуунун жолуна жетектелгендер."

(Забур15:11)

Ооба, менин таятама жолутуп батасын берген инсан мени да туура жолго салды. Иса ал "Даңктуунун жолу дейт." (John 14) Руми дагы ыйыктардын баскан жолдору Суфилер үчүн үлгү дейт. Кыдыр биздин асмандык жолдогу жолдошубуз жана биздин рухтун жетекчиси.

- Куран 23:44 "Элге элчи келген сайын, алар аны кабыл алышкан жок."

Кыдыр — Иса Кыргызстанга жана Исламга келген Алланын элчиси. Бирок Кыргызстан да Ислам да Аны четке какты. Ылайым Алла ырайым кылып бизди кечирсин.

Азыркы муун, СССРдин бийлигинин алдында, чет элдиктердин таасири алдында өсүп калган мурунку муунга салыштырмалуу башкача болот деп ишенем. Биз Алланын ачык аяндарынан баш тартпайбыз.

Куран 23:50 "Биз Мариямдын уулун жана анын энесин жышаан кылдык, жана аларга бийик жерден тынч жана булактар аккан баш калка бердик".

Кудай Кыдыр — Исаны тоого жайгаштырган. Бүгүн менин элим аны тоодон табышат.

Кыдыр — Иса койчу, ал Кудайдын жоголгон козуларын издейт (Жезекил 34, Жакан 10).

Иса бизди Эдемдеги баш калкабызга, кыргыз жигит өз сүйгөнүн үйүнө ала качкан сыяктуу алып барат (Матай 24: 30,31; Жакан 14:2,3; Аян 7:17; Куран 39:45-51).

Биздин кыз ала качуу салты туура эмес болсо да мүмкүн ушундан улам чыгып жүрбөсүн? Иса жер үстүнө келип көптөгөн адамдардын жүрөгүн угуп сүйдүрүп алган. Биз ал менен асманда чоогу жашоого макулдугубузду бергенбиз. Биз аны күтпөгөн убакта ал келет да бизди ала качып кетет жана үйүбүзгө алып барат. Ошондуктан анын келишине биз дайым даяр болушубуз керек.

Биздин кыз ала качуу салтыбыз көбүнчө кыздын макулдугу менен болот. Мүмкүн кыз ала качуу салтын биз жойбошубуз керектир. Бул салтты биз жөн гана биз бейишке кандай барсак ошого окшоштуруп өзгөртүп коюубуз керек. Жаш жигит биринчи кыздын сүйүүсүн жана макулдугун угуп алуусу керек. Анан жигит кызга үй даярдаш керек. Ошондо анан ал кызды ала качууга даяр болот.

Куран 37:99— 113 Ыбрайымдын курмандыгы. "Биз ага уул жөнүндө жакшы кабар бердик Биз ордуна союу — курмандыкты бердик"

Уул улуу курмандыка берилген. Мен да улуу курмандыкка берилгем. Бүгүнкү күндө курмандыктардын колдору жайылган жана мен Алланын сотунан эркин болгомун. Мен чын эле эркиңмин.

Куран 40:69 — 72 "Алланын жышаандары тууралуу талашкандарды жана алардын тескери бурулганын көрүп жатасыңбы? Алар биз өз элчилерибизге жиберген китепти четке каккандар. Качан алардын мойнуна оор жүк салынып, жана чынжыр байланып кайнап жаткан казанга салынып жана отко күйгөндө билишет."

Бүткүл дүйнө элдер үчүн Алланын жышааны болгон Иса жөнүндө талашып жатышат. Инжил (Жаңы осуят) Алладан келген китеп (Куран 3:3,4), ал китепте Алланын элчиси Исага берилген аяндар жазылган.

Бул кереметтүү аяндарга ишенбеген ар бир мусулмандын мойнуна темир

чынжыр байланып, кайнаган сууга салынып андан кийин күйүп жаткан отко ташталат.

Аллага бул нерселерди ачык айткандыгы үчүн рахмат.

Мен Русланга Курандагы бул аяттарды көрсөтсөм да ал Инжилге ишенбей койду. Ал эгерде биз араб окутуучуларынын артынан эле бирикпесек биздин эл бөлүнүп кетет деп айтты. Бул чет элдиктер кыргыз Русландын башын кантип гана айландырып алышты болду экен? Арабтардын бул алдоолору биздин башыбызды айлантып жатат.

Максат эгерде молдолор жана имамдар дүйнөнүн китептерин (Алланын китептерин) окууга тыюу салышпаса дүйнө таптакыр башкача болмок деп ойлойт. Араб окутуучулары бүгүнкү күндө Судан жана Индонезияда болуп жаткан баш аламандыка себеп болуп отурушат. Филиппин, Алжир, Афганистан, Курдстан, Иран, Ирак, Америка, Йемен, Эфиопия, Израил, Лебанон, Турция, Балкан жана башка жерлердеги согуштардын болуусуна түрткү берип жатышат. Алар жерлерди бомбалоо, коркутуу, жаңжал уюштуруу үчүн акча төлөшөт. Азыркы дүйнөдөгү болуп жаткан жаңжалдын жарымы арабтардын окутуусуна каршы болуунун натыйжасында болуп жаткан сыяктанат. Албетте арабдардын деле биз сыяктуу таарынуу, капа болуу деген сезимдери бар. Бирок алардын окутуулары дүйнөнүн ар бир бурчундагы мусулмандарды алдап алардын башына балаа алып келип жатат. "Эгерде алар Тоорат, Инжил, жана Теңирден жиберилген бардык аяндарды карманышканда алар бардык жагынан бактылуу болуп ырахаттанып жашашмак" (Куран 5:66).

Куран 42:13,15 "Алла Нухка, Ыбрайымга, Мусага, жана Исага берген динди силерге да чын дилинен берди: ошондуктан силер, динди бекем карманышыңар керек жана бөлүнүү болбоосу керек. Алла өзүнө кайрылгандарды жетектейт жана бизди биримдикке алып келет."

Нух, Ыбрайым, Муса, жана Иса диндердин биримдиги жөнүндө окутат. Алар кандай окутушат?

- Куран 47:25,26 "Жыгылгандар кайра кайрылгандан кийин аларга жетек берилген. Бирок шайтан жалган үмүт менен аларды түкүрүп жана азгырып кетти. Себеби алар Алла жиберген аяндарды жек көргөндөргө "Биз кээ бир убакта силерге баш ийебиз" деп айтышты".

Мен Алланын аяндарын жана Инжилди жек көргөн адамдарга таптакыр баш ийбеймин.

- Куран 57:26,27 "Биз Мариямдын уулу Исаны жибердик, жана ага Инжилди бердик жана ким аны ээрчисе алардын жүрөгүндө боорукердик жана мээрим болот."

Алла Исаны ээрчигендердин жүрөгүнө боору ооруу жана мээрим салат.

Чолпондун жетимге болгон боор оорусу абдан таң калычтуу. Чолпон аны башкалар кебетеси келишкен кир адамдар менен жүргөндө башкалар аны көрүүдөн же алардан кир жугузуп алуудан коркпойт. Бул чыныгы мээрим.

Качан мен Алланын мээриминин даамын татканда, мен да башкаларга мээрим көрсөтүп баштадым.

Эгерде бирөө мен Исага ишенем деп айтса, анын бул сөзү мен үчүн эч нерсеге арзыбайт. Мага маанилүүсү, мен алардын жүрөгүнө Алла боорукердик салганын көргүм келет. Динде абдан көп эки жүздүү адамдар бар.

Куран 62:14 "Ишенгендер, силер Мариямдын уулу Иса "Алла үчүн ким Мага жардамчы болот?" айткандай Алланын жардамчылары болгула"

Ким Исага жардамчы болсо, Алланын коз карашы боюнча алар чыныгы ишенүүчүлөр.

Мунун биздин динге эч кандай тиешеси жок. Бул биз кызмат кылганга тиешелүү. Мен Чолпонго окшогон Исага кызмат кылуу аркылуу Аллага кызмат кылган кээ бир мусулмандарды билем. Биз христиандар же жүйүттөр эмеспиз: Биз мээримдүү Аллага баш ийген анын кызматчыларыбыз.

- Куран 67:1 "Бардык бийлик колунда болгон баталуу"

"Менин койлорум менин үнүмдү угушат. Мен аларды тааныйм, алар Мени ээрчишет. Мен аларга түбөлүк өмүр берем, алар эч качан өлүшпөйт. Аларды Менин колумдан эч ким тартып ала албайт." (Жакан10:27 —29). Исага тиешелүү болгондун баары Кудайдын колунда.

- Куран 74:38,39 "Оң жакта тургандардан башка ар бир жан өзүнүн иштери үчүн жооп берет."

Исламдын улуу Кураны ар бир адам өз кылган күнөөлөрү үчүн төлөйт деп айтат. Бирок оң колдо тургандар башкача. Биз Кыргыздар Кыдыр Кудайдын оң колу деп айтабыз. Ал эми ким Кыдыр менен болсо алар Кудайдын оң колунда турушат.

Ким Кыдыр менен болсо жана Кудайдын оң колунда турган болсо алар эркин адамдар.

Матай 25. Ачканы тойгузган, оорулууларды айыктырган, түрмөдөгүлөргө барган, кийими жокко кийим бергендер Кудайдын оң колунда тургандар деп айтат. Оң колдо тургандар Кыдыр баштаган ишти улантышат.

Манас эпосунда Манас Кыдыр менен жолуккан бир окуя бар. Ошондо Кыдыр Манаска Кыяматта жардам берүүнү убада кылат. Кыдырдын колундагы тешик Алланын Манастын жаңы үчүн төлөгөн күнү.

- ■ Захария 12:10 Кудай айтат, " алар өздөрү тешкен адамды көрүшөт."
- ■ Жакан 19:34 "аскерлердин бири анын капталын найза менен сайды, ошол замат кан жана суу акты."
- ■ Жакан 20:24 — 29 Иса Томага айтты, "Колуңду сун, жана менин колума жана капталыма тийгизип көр. Ишенбеген эмес, ишенген адам бол."
- ■ Манас да найза жеп, жарааттарынан өлгөн.

Иса чын эле "Алланын мээрими", Кудайдын оң колу (Куран 19:21 жана Mark 16:19). Себеби анын жаңы биздин жаныбыз эркин болуусу үчүн төлөнгөн күн болгон.

Забур 31:1,2 "Күнөөлөрү эсептелбеген адам бактылуу".

- ■ Бул Жакып, Манас жана алардын эли дүйнө элдерине жеткирүү керек болгон бата (Башталыш 12:1 —3).
- ■ Мен тоолорубуздан жарыялай турган кубаныч ушул (Ышайа52:7).
- ■ Кудай оору убагында колун сунат (Мыйзам кайталоо 32:39,40). Анын колунан эч ким качып кутула албайт (Жакан 10:29).

Забур 110:1 "Теңир менин Теңириме айтты, "Душмандарыңды бүт алдыңа койгонго чейин, Менин оң колума отур." Машаяк Иса шайтанды жана ишенбегендерди соттош үчүн келет. Алла Исанын бардык душмандарын анын бүт алдына жыгат.

Куран 3:52 — 58 Исага ишенбеген адам Аллага да ишенбейт.

- Куран 86:5 — 7 Адам баласы агып чыккан суюктуктан жаралган.

Кыдыр — Иса башка адамдардай болуп суюктуктан (уруктан) жаралган эмес. Кыдыр — Иса таптакыр жаңы Адам, жана Алланын тирүү деми.

- Куран 89 (Тан) 22 —аят "сенин Теңириң тизилген периштелери менен келет."

Куран жана Инжил биздин Эгебиздин көктөн келгенде ал периштелерден турган

аскерлери менен келээрин аныктайт.

Аян 19:11—21. Машаяк — Кыдыр, Исламдын акыркы герою Исламдын душманы болгон шайтанды талкалайт. Ал ак кийинип асмандык аскерлер менен келет.

Matthew 24:27 - 31 says:

- "чагылган сыяктуу"
- "чыгыштан батышты көздөй." Иса таң сыяктуу келет. Ал дайыма таң сыяктуу ыйык шаарга чыгыштан кирет. Ал биздин байыркы бабалар күтүп келе жаткан таң батасы.
- "Асмандан адам уулунун жышааны көрүнөт, жер жүзүндөгү бардык уруулар өкүрүп ыйлашат. Ошондо алар булут үстүндө күч жана улуу даңк менен келе жатканын көрүшөт. Анан биз анын periштелерин сурнайдын үнү менен жиберебиз, жана алар төрт шамалдан, асмандын бир башынан экинчи башына чогултушат."
- Кыдырдын чилтендери Кыяматта Манаска так ушундайча жардам беришет. Алар аны эс алып жаткан жеринен алып Кудайга алып барышат. Ким ишенбесе аларга бейиштин эшиги жабылат жана алар Кудайдын мээриминен алыс калышат.

"Жашырынгандар, тургула да Теңир үчүн чыдагыла! Себеби сурнайдын үнү чыгат; ал күн кыйналуу күнү болот, ишенбегендер үчүн кыйналуу күнү болот" (Куран74:1,7 — 10).

• Куран 90 (Шаар) сүрөөдө Алла адамды тоо жолдоруна жетектейт дейт (Ышайа 2:2 — 5), бирок адам баласы чыккысы келбейт. Ошондо Алла кулчулуктан бошонуу үчүн, ачкаларды тойгузуу үчүн, жетимге жана бактысыз адамга үй — бүлө берүү үчүн жана чыдамдуулукту жана боорукердикти сүйгөндөргө чыгуу жолун түшүндүрөт. "Бул оң колдун боорукердиги". Алланын аяндарына ишенбегендер сол колдо болушат жана отко ыргытылышат (Куран 90:10-20).

Бул сүрөө тоо жолдору жана оң кол жөнүндө. Бул эки сөз Курандагы жана Тоорат, Забур, Инжилдеги көптөгөн аяттарга байланыштуу:

Матай 25:31 —46 (Оң колдун боорукердиги)

- Забур 14 жана 15 (Тоо жолундагылар)
- Ышайа 58 (Аллага жаккан дин)
- Забур 2 (Жек көрүндү тоо падышасы)
- Матай 5 — 7 (тоо кабары)

Лука 13:22 — 35 жана Матай 7:13,14 (эки жол)

- Ышайа 2:2—5 жана Ышайа 65 (тоодогу баш калка/дин)
- Куран 19:16 — 18 Мариям баш калка кылып Исаны төрөйт.

• Аян 12 (Шайтан аялдан төрөлгөн эркек баланы өлтүрүүгө шашат, себеби ал элдерди башкарыш үчүн төрөлгөн. Кудай балага жана аялга баш калка берет)

- Куран 23:50 (Алла Исага тоодон баш калкалоого жай берет)
- Марк 9:2 —8 (Тоодогу аян)
- Сандар 35 (Баш калкалоо шаарлары)
- Өч алуучу адам, адам өлтүрүүчүгө баш калка шаарында тие албайт. Бул оң колдо тургандарга окшош — ким оң жакта турса алардын күнөөлөрү эсептелбейт (Куран 74:38,39 жана Забур 31:1,2)
- Аян 21:10 (Асмандагы шаардын тоодон көрүнүшү)

- ■ Куран 74:38,39 "Оң колдо тургандардан башка ар бир адам өз кылган иштери үчүн жооп берет".

Куран 97:4,5 (Аль — Кадыр, кудурет түнү)

"Теңирдин улуксаты менен Периштелер жана рух ал жерге түшөт".

- ■ Исага периштелер келет (Матай 3:16, 17 жана Жакан 1:51)
- ■ Алар да Кыдырдан болгон Жакыптын тукуму (Башталыш 28).

Куран 98 (Ачык далилдер). Бул сүрө бүтүндөй Иса жөнүндө жазылган сыяктуу. "ачык далил келгичекти алар китептин адамдарынан бөлүнүшкөн эмес. Аларга Теңирге кызмат кылуу жана динди таза сактоодон башка буйрук берилген эмес, ишенбегендер тозок отунда жашашат. Мына! Ишенгендер жакшы иштерди жасашат жана жаратылгандардын эң сонуну. Алар өз Теңиринен Эдем бакчасын сыйлыкка алышат: Алла аларга, алар Аллага ыраазы".

Иса "айдан ачык далилдер менен келген" (Куран 19:16 — 38). Ал адамдын денесиндеги Ыйык Жазуу, "Алладан Сөз".

(Жакан 1 жана Куран 3:45), Исанын келиши Ыйык Жазуунун адамдарына бөлүнүү алып келет (Куран 3:45 — 58). Ал адамдар Аллага ишенгендер жана ишенбегендер деп бөлүнүү алып келүүчү сөз алып келди. Ким аны четке какса ал адам айыптуу, себеби ал адам Алланын ачык далилине ишенбей койду (Куран 3:56). Иса "айдан ачык далил", ар бир жүрөккө ачыла турган жышаан (Жакан 3:17 — 21 жана Куран 21:91, 92 жана Лука 2:34,35). "Ишенип жана жакшы иштерди жасагандар жаратылгандардын эң сонуну". Жаратылгандардын эң сонундарын Алла ишенбегендерден жогору көтөргөн эмеспи? Аида Алла Исанын шакирттери жаратылгандардын эң сонуну деп айтат (Куран 3:55). Чыныгы ишенгендерге Эдем багы берилген. Баардыгы бейиштен башталып бейиш менен бүтөт. Биздин ыйык жайларда (мазарлар) дарак жана аккан суу бар. Бул ыйык жайларда биз Кыдырга жолугабыз. Бул көрүнүш Адам Эдем бакчасында Кудай менен чогуу жүргөнүн элестейт.

- • Куран ПО (Жардам). "Качан Алланын жардамы келгенде, жеңиш келет, жана Алланын динине элдер киришет, алар майрамдашат жана сенин Теңириңди даңкташат, кечирим сурап сыйынышат, себеби ал жакында келет."

Алланын көмөгү Кыргызстанга көп жолу кайрылган. Көптөрү Алладан жардам алып, Анын күчтүү колдору аркылуу, шайтандын колунан куткарылып Алланын динине түшүшкөн. Алланын сөзү өзгөрбөс Анын "Улуу жеңишине" катышмайынча биз жеңишти майрамдабайбыз.

(Куран 10:64).

- • Куран ИЗ (Тан.). "Мен Теңирдин таңынан баш калка издейм" деп айт.

Бул чыгышты көздөй качып барып, ал жактан баш калка таап Кудайдын даңкын Кыдыр — Исаны төрөгөн Мариямды эсиме түшүрөт. Куран да Иса чыгышта төрөлгөн деп айтат, ал эми Инжилде ал азанда чыккан күн сыяктуу чыгыштан келет деп айтат. Ал биздин бабалар ишенген Таңдын Теңири болгон Кыдыр.

Инжил бизге ким таң экендигин (Лука1:78, 79) жана биз ошол "Таңдын Теңирин" баш калка кылуубуз керек экендигин көрсөтөт.

- ■ Матай 16:24 — 27 "Ошондо Иса өз шакирттерине айтты, "Эгерде ким Мени ээрчигиси келсе, ал өзүнөн баш тартсын, айкаш жыгачын алсын, жана Мени ээрчисин; себеби кимде ким өзүнүн өмүрүн куткарып калса ал аны жоготот, ал эми ким өзүнүн өмүрүн мен үчүн жоготсо ал аны табат. Себеби адам уулу периштелери менен Атасынын даңкында келгенде, ар кимге өз ишине

жараша тийиштүү сыйлыгын берет".

- Аян 2:28 " Мен ага таӊ жылдызын беремин."
- Мен сени ээрчийм Иса. Мен бүт күчүм менен акыркы демиме чейин сага жабышам. Сен таӊ сыяктуу келесиӊ - Куранда айтылгандай, сен муздак денеге дем үйлөйсүӊ, жана бул нерсени жалгыз сен кыла аласыӊ. Кел Таӊ, батыраак кел.

Руми, байыркы мусулман жазуучусу, жана Алишер Навои, Ромео, Руминин Иса жана Кыдыр жөнүндө айткандарынын бардыгы "Суфи Сүйүү Жолу" деген китептин англисче котормосунан алынды. Ал дагы байыркы араб мусулмандары Исаны "Кудайдын Сөзү" жана "Кудайдын Руху" деп айтышчу дейт. Бул араб элинин сөздөрү Жефри Париндер жазган "Курандагы Иса" жана Тариф Халиди жазган "Мусулман Иса" деген эки китептен алынган. Мен бул китептерди сага байыркы мусулмандардын Кыдыр — Иса жөнүндөгү диалогдору жазылган дагы эки китеп кошуп жиберем.

Алишер Навои жөнүндө: жаш изилдөөчү эски тилдин текстеринин үстүнөн иштеп жатыптыр деп менин котормочум айтты. Жаш уланда Алишер Навоинин ыр саптары бар болгон экен. Ал ар бир саптын алдына котормосун жазып койгон экен. Бул байыркы тилдин бир сабы, жаш улан алдына котормосун жазып койгон.

Хосаллилах, шарбатимни захри котил бирла эз, Чун иш ондин о 'тикким, келгаи Масихим; ей табиб (1 — том: 100)

Мага дарыгер чакыруунун зарылчылыгы жок, Машаяк менин айыктыруучум.

Алишер Навои Машаяк деген титулду, Курандагы Месих, деген титулду колдонгон. Иса Курандагы Машаяк деген титулга ээ болгон жалгыз пайгамбар. Ошондуктан бул жерде Алишер Навои Иса жөнүндө айтып жатканын билебиз. Бул анын дагы башка жазгандары:

Мен Машаяктан өмүр таптым, себеби ал өзү өмүр (114)

Машаяк сага түбөлүк өмүр берет. Анын сыйынуулары абдан күчтүү жана анын сыйынуулары өлгөн адамды тирилте алат (145)

Машаяк менин жүрөгүм жараланган кел мага; Сен бардыгын кыла аласыӊ (357)

Сен эч качан өзүӊө өзүн өмүр бере албайсыӊ. Жалгыз гана Машаяк керемет жазай алат. Ал өлгөн адамды тирилткен (404)

Иса бизге өмүр берген. Ал бардыгын билет (431)

Суу өмүр; Машаяк болсо тирүү суу (2 — том: 78)

Машаяк дүйнөдөгүлөрдөн өзгөчө (106)

Машаяктын сөзү сага өмүр берет (111)

Сага рух келет; Ал рух Машаякка тиешелүү (376)

Эгер сен ооруп жатсаӊ сага Машаяктын тирүү деми керек. Иса жөнүндө ойлон (3— Том: 20)

Мен Машаяктан улуу сүйүү таптым (46)

Ромео, жаш уландын тизмеси төмөнкү түшүндүрмөлөр менен бүтөт.

Алишер Навои Исаны, Иса Масих Кызыр (Машаяк — Кызыр "Кыдыр") деп атаган. Ошондуктан мен Кыдырдын ким экендигин ачкан биринчи Орто Азиялык эмесмин. Бул сырды Алишер Навои 400 жыл мурун эле ачып койгон. Ал ак батага ээ болгон адам болгон. Мени молдолор өлтүрүп, бул сыр дагы беш же төрт жүз жыл жашыруун калбасы үчүн бул сырды өз элиме мурас кылып калтыруум керек. Себеби бул Орто Азиянын эркиндикке болгон жаӊы мүмкүнчүлүгү.

**Тиркеме III:** Менин Жэкке жазган эӊ акыркы катым.

Жэк,

Мен жаңы эле Бишкекке келип делегация менен жолугуштум. Алардын бардыгы бул жерде экендиги эң сонун болду.

Биз бардыгыбыз Ыйык Жазуу аяттары өзү үчүн өзү жооп берсин деп макулдаштык. Биздин Кыргыздардын Курандын жана Эврейлердин китебин христиандардын Библиясын гана кабыл алышат. Ошондуктан Талмуд, Хадис же башка элдик китептерди кошуунун зарылчылыгы жок. Менин кубанычым койнума батпай турат. Бул эң таза дин.

Жэк сенин бардык кылган жардамдарың үчүн рахмат! Кыялдар ишке ашат деген ушул.

Сен дагы бул жакта болсоң абдан жакшы болмок.

Чао, Ромео

(арткы мукаба)

Үчүнчү миң жылдыктын таңы: Орто Азиянын бабаларынан калган уламыштар жана ыйык тоолор ачылды. Кел, алардын ичине кир.

Орто Азиянын эпосундагы пайгамбар өзүнүн караңгы көрүндө калып калган жок. Ал бардык муундарды жана бардык элдерди үйрөтүш үчүн бардык тоскоолдуктардан жогору көтөрүлдү. Ал эгерде биз ак батага ээ болгонду каалсак жүйүттөрдүн Кудайы, Тоорат китебинде айткандай рухтун жетегине баш ийүү керектигин ачык айтып жеткилең жашоо менен жашаган. Христиандардын Асмандагы Атасы алардын Библия китебинде бул көчмөн ыйык адам бардыгын бириктирип тураарын айткан; жана исламдын Алласы алардын Куран китебинде бул пайгамбар — Машаяк жер үстүндөгү эң күчтүү мусулман экендигин айткан. Акыры түбү Орто Азиянын Кыдыры бизге ачылды.

Ал адамзаттын тарыхында өзгөчө руханий айкаштык жаратып жатат.

Мүмкүн сен аны билем деп айтаарсың. Бирок дагы бир жолу карап көр. Ал жөнүндө сенин көз карашың өтө эле кыска болуп жүрбөсүн.

Эл аралык чоңдордун же тоолуктарды жана алардын уламыш болгон пайгамбарын басынткан адамдардын капканына түшүп калба. Дүйнөдөн четке кагылуу да бул өзгөчө элдин көңүлүн түшүрө алган жок. Дүйнөнүн аны шылдыңдаганы жана жана дүйнө жүзүндө болуп жаткан согуштар кудуреттүүнүн улуу пландарын токтото алган жок. Ал тынчтыкты сүйүүчүлөрдүн арасында, эч ким токтото албас ишти баштады.

Байыркы дөңсөөлөрдүн батасына жүрөгүңдү ач. Көчмөндөрдүн уламыштарынын мүрөк суусу менен ырахаттан жана алардын унутулуп калган айыктыруучусуна сенин жаныңа колун тийгизүүсүнө жол бер.